Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары боюнча Бюро

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

## ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛОО
## 2015 - жылдын 4 - октябры

### ЕККУ/ДИАУБ шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясынын жыйынтыктоочу отчету

**Варшава**
**2016 – жылдын 28 - январы**

**МАЗМУНУ**


**I. КЫСКАЧА МАЗМУНУ ... 3**

**II. КИРИШҮҮ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ ... 6**

**III. ТҮЗҮЛГӨН АБАЛ ЖАНА САЯСИЙ КОНТЕКСТ ... 7**

**IV. УКУКТУК НЕГИЗ ЖАНА ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ ... 8**

**V. ШАЙЛООНУ УЮШТУРУУ ... 10**

A. БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ ... 10
B. АЙМАКТЫК ЖАНА УЧАСТКАЛЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫ ... 11
C. ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ ... 11

**VI. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО ... 13**

**VII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО ... 16**

**VIII. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮ ... 18**

**IX. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮН КАРЖЫЛОО ... 20**

**X. ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ (ЖМК) ... 21**

A. ЖМК ЧӨЙРӨСҮ ЖАНА УКУКТУК СИСТЕМА ... 21
B. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮН ЧАГЫЛДЫРУУ ... 23

**XI. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ ... 25**

**XII. ЖАРАНДЫК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАР ... 25**

**XIII. АРЫЗДАР ЖАНА ДАТТАНУУЛАР ... 26**

**XIV. ШАЙЛОО КҮНҮ ... 28**

A. ШАЙЛОО УЧАСТКАЛАРЫН АЧУУ ЖАНА ДОБУШ БЕРҮҮ ... 28
B. ДОБУШТАРДЫ ЭСЕПТӨӨ ... 29
C. ЖЫЙЫНТЫКТАРДЫ ЧЫГАРУУ ... 30

**XV. ШАЙЛООДОН КИЙИНКИ КҮНДӨГҮ ОКУЯЛАР ... 31**

**XVI. РЕКОММЕНДАЦИЯЛАР ... 32**

A. ПРИОРИТЕТТҮҮ РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР ... 32
B. БАШКА РЕКОММЕНДАЦИЯЛАР ... 33

**XVII. I ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООНУН СОҢКУ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ... 37**

**XVIII. II ТИРКЕМЕ: ЭЛ АРАЛЫК ШАЙЛООНУ БАЙКОО МИССИЯСЫНА КИРГЕН БАЙКООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ ... 38**

**ЕККУ/ДИАУБ ЖӨНҮНДӨ ... 45**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

# ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛОО
# 2015 – жылдын 4 - октябры

# ЕККУ/ДИАУБ шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясынын жыйынтыктоочу отчету [1]

## I. КЫСКАЧА МАЗМУНУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (БШК) чакыруусунан улам, ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу (ЕККУ/ДИАУБ) 4-октябрда өтүүчү парламенттик шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн шайлоону байкоо миссиясын (ШБМ) ачты.
ЕККУ/ДИАУБ ШБМ шайлоо процессинин ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге, демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга, ошондой эле улуттук мыйзамдарга шайкеш келүүсүн баалады. Шайлоо күнү ЕККУ/ДИАУБ ШБМ өз аракеттерин ЕККУ Парламенттик Ассамблеясынын, Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын жана Европа Парламентинин делегациялары менен бириктирип, Эл аралык шайлоону байкоо миссиясын (ЭШБМ) түздү. Бул ЭШБМге кирген бардык уюмдар Эл аралык шайлоону байкоо принциптери жөнүндөгү 2005 – жылкы декларацияга кол коюшкан.

ЭШБМ 2015 – жылдын 5–октябрында чыгарган Божомол натыйжалар жана кортундулар тууралуу билдирмесинде мындай жыйынтыкка келген: «Шайлоо атаандаштыкта өтүп, шайлоочуларга тандоонун кеңири мүмкүнчүлүгүн берди, бирок аны уюштуруу усулдары процедураларды жакшыртуу жана ачык-айкындыкты арттыруу зарылчылыгын таасын көрсөттү. Шайлоо кызуу үгүт иштери менен мүнөздөлдү, бирок жаңылыктардагы добуш берүүчүлөргө жеткиликтүү болгон бейтарап маалыматттын көлөмү чектелүү болду. Шайлоо өткөрүүнү жакшыртууга болгон саясий эркти чагылдырган добуш берүүдө жаңы технологиялардын колдонулушу көп тарабынан ийгиликтүү болду, бирок биометрикалык каттоонун шашылыш киргизилиши шайлоочулар тизмелеринин инклюзивдүүлүгү менен олуттуу көйгөйлөрдү жаратты. Ушул, добуш берүүнүн купуялыгы тууралуу тынчсыздануулар жана добуштарды эсептөөдөгү олуттуу процедуралык көйгөйлөр жалпысынан тегиз өткөн шайлоо күнүн күңүрттөткөн негизги маселелер болду».

Шайлоолор үчүн укуктук негиз жалпысынан демократиялык шайлоо өткөрүүгө жетиштүү шарт түзөт. 2011 – жылы кабыл алынып, 2015 – жылдын апрелинде өзгөртүүлөр киргизилген «Шайлоолор жөнүндөгү» мыйзамда ЕККУ/ДИАУБдун жана Европа Кеңешинин «Демократияга Мыйзам аркылуу» комиссиясынын (Венеция Комиссиясынын) буга чейин берилген бир нече рекомендациялары эске алынса, калгандары эске алынган жок. Шайлоо процессинин аспектилерин жолго салган мыйзамдардын ортосундагы дал келишпестиктер укуктук ишенимдүүлүккө терс таасирин тийгизди. БШКнын чечимдери дайым эле мыйзамдарга толук негизделе берген жок, ал эми БШКнын башка чечимдеринин түшүнүктүүрөөк болушу мыйзамдын бирдей колдонулушун камсыз кыла алмак.

Жабык тизмелүү пропорционалдык шайлоо системасы кош босогону камтып, бир партия ала алуучу мандаттардын санын чектеп, шайлоочулардын өз чечимдерин эркин билдирүүсүнө кыйынчылык туудурат. Эркинен ажыратылгандардын добуш берүү укугунун чектелиши ЕККУну алдында алынган жана башка эл аралык милдеттенмелерге каршы келет.

---

1 Бул отчеттун англисче версиясы гана расмий документ болуп эсептелет. Бейрасмий котормолору кыргыз жана орус тилдеринде жеткиликтүү.

Шайлоону уюштуруу БШК, 54 аймактык шайлоо комиссиялар (АШК) жана 2374 участкалык шайлоо комиссиялар (УШК) тарабынан ишке ашырылды. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ баарлашкан адамдардын көпчүлүгү шайлоону уюштуруунун бейтараптыгында шеги жоктугун жана шайлоо комиссияларынын ишине ишенээрин билдиришти. БШКнын отурумдары партиялардын өкүлдөрү, ЖМК, ошондой эле жарандык жана эл аралык байкоочулар үчүн ачык болду. Бирок, БШКнын иштөө усулдары, анын ичинде анын жабык эшик артында формалдуу эмес «жумушчу чогулуштарды» өткөрүшү, ошондой эле БШКнын веб-сайтында толук жана жаңыланган маалыматтын жетишпестиги, анын ишинин айкындыгын төмөндөттү. Жалпысынан, АШК жана УШКлар кесипкөйлүк менен иштерин аткарышты; бирок, комиссияларга мүчөлүккө талапкерлердин аздыгы жана АШК менен УШКлардын көп мүчөлөрүнүн алмашышы айрым учурларда шайлоонун уюштурулушуна терс таасирин тийгизди. Аялдар шайлоонун уюштурулушуна төмөнкү деңгээлдерде көбүрөөк тартылды.

Шайлоо эрежелерин бузууга каршы жана шайлоочулардын ишенимин арттыруу үчүн деп жарыяланган максатта, бул шайлоодо биринчи жолу калктын бирдиктүү мамлекеттик тизмесинин негизинде шайлоочуларды биометрикалык каттоо жана кимдигин аныктоо колдонулду. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ баарлашкан адамдардын көпчүлүгү бул жаңы системаны колдошоорун билдиришти. Жалпы калктын тизмесин кыска убакытта түзүүгө жумшалган аракеттерге карабай, айрым шайлоочулар өздөрүнүн биометрикалык маалыматын тапшырышкан жок; айрым учурларда бул алардын өздүк маалыматынын туура колдонулушуна тынчсызданганынан болсо, калган учурларда алар алыскы аймактарда жашаганы үчүн тапшырыша албады. Бул шайлоочулардын тизмеси жалпы калкты камтыбаганы жана добуш берүүгө укуктуу жарандардын бул укугунан колдоно алуусунун камсыз кылынбаганы тууралуу суроолордун көтөрүлүшүнө алып келди. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ биометрикалык маалыматын шайлоого чейин тапшырууну талап кылуу менен, айрыкча мамлекеттик сектордо иштегендерге, кысымдын көрсөтүлүшү жөнүндө ишенимдүү билдирүүлөрдү алды.

Талапкерлерди каттоонун инклюзивдүү (жалпыны камтуу менен) өтүшү шайлоочуларга кеңири саясий тандоо мүмкүндүгүн берди. Борбордук шайлоо комиссиясы (БШК) талап кылынган документтерди тапшырган жана шайлоо депозиттерин төлөгөн 14 саясий партиянын баарынын талапкерлеринин тизмелерин каттады. Ошол эле учурда, укуктук система көз карандысыз талапкерлердин катышуусуна жол бербегени ЕККУ милдеттемелерине карама-каршы болду. Бир талапкер шайлоо өнөктүгүн өткөрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн, мыйзамга ылайык мындай эреже бузуу үчүн жазуу түрүндө эскертүү берүүсүз, шайлоого бир жума калганда БШК тарабынан каттоодон чыгарылды. Шайлоодон кийин көп сандагы талапкерлердин четтетилүүсү, алардын айрымдары баш тартуу жөнүндө алдын ала кол коюлган арыздарга негизделгени менен, шайлоочулардын маалыматка негизденип тандоо укугун жана шайланган талапкерлердин кызматка келүү укугун бузду.

Талапкерлердин тизмелерин каттоо учурунда жыныс, улуттук азчылыктар, жаштар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар боюнча квоталар сакталды, бирок ал квоталарды каттоодон кийин сактоо тууралуу жоболордун жоктугу алардын натыйжалуулугун бошоңдотот. Катталган талапкерлердин тизмелеринде 30 пайыздык гендердик квота сакталганы менен, талапкерлердин шайлоодон кийин четтетилишинин натыйжасында жаңы парламенттин мүчөлөрүнүн 20 пайызын гана аялдар түзүп калды.

Шайлоо өнөктүгү курч атаандаштыкта өттү. Негизги партиялар бүткүл өлкө боюнча көрүнүктүү шайлоо өнөктүгүн өткөрсө, каражаттары чектелген партиялар өз өнөктүктөрүн өнөктүккө берилген убакыттын аягына жакын активдештиришти. Айрым катталган учурларды эске албаганда, шайлоо өнөктүгү жалпысынан тынч өттү. Президент шайлоо өнөктүгү учурунда да, үгүт иштери аяктаганда да көп көрүнүп жатты. Бул шайлоо учурунда мамлекеттик административдик ресурстардын ашкере пайдаланылбаганы оң өзгөрүү катары бааланды. Ага карабай, добуштарды сатып алуу тууралуу божомолдор кенен тарап, бир нече кылмыш иликтөө иши козголду.

Шайлоолор жөнүндө мыйзам шайлоо өнөктүгүн каржылоону жөнгө салат жана каражат кошууларга, которууларга, о.э. шайлоого катышкандардын чыгашаларына чектөөлөрдү коёт. Ал чектер мурунку шайлоолорго салыштырмалуу бир топ жогорулатылды. БШК партиялардын өнөктүккө топтогон каражаттары жана кетирген чыгымдары тууралуу маалыматты утурумдуу жарыялап турган көзөмөлдөөчү ревизорлор тобун түздү. Эгер шайлоого чейин топтолгон каражаттар тууралуу маалымат ачыгыраак болгондо жана партиялар шайлоодон кийин каржылык отчетторун тез арада жарыялаганда, шайлоо өнөктүгүн каржылоо маселеси мындан да ачык-айкын болмок.

Жалпыга маалымдоо каражаттары (ЖМК) атаандаш партиялардын өз көз-караштарын түшүндүрүүсү үчүн маалымат платформасын камсыз кылышты. Атаандаштар саясий жарнактарды кеңири колдонушту жана талапкерлердин ортосундагы тикелей дебаттар шайлоочуларга ал талапкерлер менен таанышууга мүмкүндүк түздү. Көпчүлүк ЖМКларда шайлоо өнөктүгү боюнча жаңылыктардын аздыгы о.э. иликтөөчү жана аналитикалык макалалардын сейректиги шайлоочулар ала алуучу бейтарап маалыматтын көлөмүн бир топ кыскартты. Шайлоого катышкан партиялар жана өнөктүк тууралуу редакциялык материалдардын жетишсиздигинин шартында мамлекет тарабынан каржыланган ЖМКларда президент жана башка өкмөт кызматкерлери тууралуу ашыкча оң тариздеги макалалар жана берүүлөр өзгөчө көзгө урунуп турду. БШК ЖМКлардын акы төлөнгөн жарнактарды обого чыгаруусуна чоң тоскоолдук жараткан ЖМКлар жана веб-сайттар үчүн аккредитация талабын киргизүү менен, аккредитацияны чакырып алуу укугун сактап, өз мандатынын чегинен сыртка чыгып кетти.

Айрым партиялар үгүт материалдарын өзбек өкүлдөрү көп жашаган жерлерде өзбек тилинде таратышкан. Улуттук азчылыктар түрдүү партиялардын иш-чараларына катышышты. Көпчүлүк партиялардын шайлоо өнөктүгүндө улутчул сөздөрдөн оолак болушу, азчылыктарга каршы өнөктүктөрдүн жок болушу жана азчылыктардын кысымга алынышы тууралуу билдирүүлөрдүн келип түшпөшү оң өзгөрүү катары бааланат. Улуттук азчылыктар топтолуп жашаган аймактардын бир нечесиндеги АШК жана УШКларда алар жетиштүү өкүлчүлүккө ээ болбогон. Шайлоочуларды маалыматтандыруу материалдары да, добуш бюллетендери да азчылыктардын тилинде чыгарылган эмес, бул ЕККУ милдеттемелерине туура келбейт.

Жарандык коом бул шайлоону байкоого, кыска жана узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүүгө жана байкоолор жөнүндө отчетторду жарыялоого активдүү катышты. БШК эл аралык байкоочуларды аккредитациядан өткөрүүнү шайлоого 30 күн калганда гана баштап, шайлоо жараянынын бардык баскычтарына, анын ичинде талапкерлерди каттоого жана шайлоонун жыйынтыгын чыгарууга, натыйжалуу байкоо жүргүзүүгө болгон алардын укуктарын чектеди.

Мыйзамга соңку киргизилген өзгөртүүлөр шайлоодогу талаш-тартыштарды сот аркылуу чечүүнү жеңилдетти. Шайлоо комиссиялары шайлоо алдында түшкөн арыздарга жооп берип, аларды көбүнчө өз убагында карап жаткандай көрүнгөнү менен, алар дайыма эле берилген мөөнөттө үлгүрө бербей, бул жараянга ачык-айкындуулук жана ырааттуулук жетишпей жатты. Шайлоого чейин соттор БШКнын бир чечиминен башкасынын баарын күчүндө калтырды, бирок көп учурда жетиштүү негиздөөнү камсыз кыла алышкан жок. ЕККУ/ДИАУБ баарлашкан адамдардын көбү шайлоого байланышкан талаштарды чечүүнүн натыйжалуулугунан жана сот системасынын көз карандысыздыгынан күмөн санаарын билдиришкен.

Шайлоо күнү тынч өттү. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын дээрлик баарында участкалардын ачылышы жана добуш берүүнүн жүрүшү оң бааланды. Ошондой болсо да шайлоо участкаларынын 32 пайызында айрым шайлоочулар өздөрүн шайлоочулардын тизмелеринен таба алышкан жок. Биометрикалык идентификациялоочу жана бюллетендерди сканнерлөөчү жабдуулар жалпысынан жакшы иштегенине карабастан, кээде, ар кандай техникалык көйгөйлөргө байланыштуу, убактылуу токтоп, шайлоонун жүрүшүн үзгүлтүккө

учуртып жатты. Көптөгөн шайлоо участкаларында ЭШБМдын байкоочулары добуш берүүнүн купуялыгы туруктуу сакталбаганы, ошондой эле шайлоочулардын кимге добуш берүүсүнө таасир этүү жана топ үчүн добуш берүүгө жасалган аракеттер жөнүндө билдиришкен. Бир нече учурда ЭШБМнын байкоочулары добуштарды сатып алууга да күбө болушкан.

Добуштарды эсептөөгө, негизинен процедуралык эрежелердин бузулганына жана мүчүлүштүктөргө байланыштуу, байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын үчтөн биринен көбүрөөгүндө терс баа берилди; бул тынчсызданууну жараткан олуттуу сан. Көптөгөн УШКлар негизги салыштыруу процедураларына кирген бюллетендерди партиялар боюнча бөлүп эсептөөнү аткарышкан жок же бюллетендерди туура эмес эсептешти. УШКлардын көбү протоколдорду толук жана сыя менен толтурушкан жок же алдын ала кол коюлган протоколдорду толтурушту. Байкоо жүргүзүлгөн 45 АШКнын 21инде жыйынтыктарды чыгаруу (табуляция) процессине терс баа берилди. Процедуралардын бузулгандыгы көп байкалды, алар негизинен жыйынтык чыгаруучу протоколдордун салыштырылуусуз же бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулардан чыккан натыйжаларга дал келбегенине карабай толтурулганына байланыштуу болду. УШКлар айрым учурларда, шайлоонун жыйынтыктарына болгон элдин ишенимин камсыз кылууга багытталган мыйзамдын талаптарын бузуп, бюллетендерди кол менен эсептешкен жок. ЭШБМдын байкоочулары протоколдорго бюллетендерди кайра эсептөөсүз өзгөртүү киргизилген учурларды байкашкан. Добуш берүү токтотулаар замат БШК ар бир шайлоо участкасы боюнча шайлоонун божомол натыйжаларын жарыялай баштаганы оң өзгөрүү болду, бирок БШК расмий протоколдорду кийинчерээк жарыялаган жок.

Шайлоо күнүнүн эртеси БШК талап кылынган 296 шайлоо участкасынын тогузунда бюллетендерди кайра эсептөөгө макул болду. Андан сырткары ал биометрикалык каттоо боюнча добуш бергендердин саны менен урнага салынган бюллетендердин санынын ортосунда чоң айырмачылык табылган 8 шайлоо участкасындагы жыйынтыктардын күчүн жоготконун жарыялады. Шайлоо күнүнүн эртеси 136 талапкердин атынан өз талапкерлигин кайра чакырып алуу тууралуу арыздардын берилиши, шайлоочуларды алар колдогон талапкерлердин кимдери мандат алаары тууралуу бүдөмүк ойго салды. Айрым талапкерлер аларды талапкер катары каттоого чейин эле, жазылган күнүн көрсөтпөй, өз талапкерлигин кайра чакырып алуу тууралуу арыздарга кол коюга мажбурлагандарын айтышып, БШКнын аларды тизмеден чыгаруусуна каршы даттануу беришти. Жогорку Соттун чечимдерине ылайык, БШК 7 талапкерлердин укугун коргоп, 27 – октябрда мандаттар кайра бөлүштүрүлдү.

## II. КИРИШҮҮ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (БШК) чакыруусунан улам жана 3–6 – августта өткөн Муктаждыктарды аныктоо миссиясынын рекомендацияларына негизденип, ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу (ЕККУ/ДИАУБ) 25 – августта шайлоону байкоо миссиясын (ШБМ) ачты. Элчи Борис Фрлец Бишкек шаарында иш алып барган 16 эксперт жана өлкөнүн түрдүү аймактарында жайгаштырылган 22 узак мөөнөттүү байкоочу кирген ЕККУ/ДИАУБдун шайлоону байкоо миссиясынын (ШБМ) башчысы болду. Миссиянын мүчөлөрү ЕККУга мүчө болгон 19 мамлекеттен чакырылган.

Шайлоо күнү ЕККУ/ДИАУБ ШБМ аракеттерин ЕККУ Парламенттик Ассамблеясынын (ЕККУ ПА), Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын (ЕКПА) жана Европа Парламентинин (ЕП) делегациялары менен бириктирип, Эл аралык шайлоону байкоо миссиясын (ЭШБМ) түздү. Игнасио Санчез Амор (Испания) ЕККУнун учурдагы төрагасы тарабынан Атайын координатор жана ЕККУнун кыска мөөнөттүү байкоо миссиясынын жетекчиси болуп дайындалган. Ивана Добрецова (Чех Республикасы) ЕККУ ПА делегациясын жетектеди, Мериткcел Матеу Пи (Андорра) ЕКПА делегациясын жетектеди, ал эми Рышард Чарнецки

(Польша) ЕП делегациясын жетектеди. Жалпысынан, 40 өлкөдөн келген 313 байкоочу, анын ичинде ЕККУ/ДИАУБдан 253 узак жана кыска мөөнөттүү байкоочу, ЕККУ ПАдан 30 парламентарий жана кызматчы, ПАСЕден 18 жана ЕПдан 11 байкоочу иш алып барды.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ шайлоо процессинин ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге, демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга, ошондой эле улуттук мыйзамдарга шайкеш келүүсүн баалады. Бул жыйынтыктоочу отчет 5 – октябрда берилген пресс-конференцияда таратылган Божомол натыйжалар жана корутундулар тууралуу билдирмеге кошулуп каралат.[2]

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ БШКга шайлоого байкоо жүргүзүүгө чакыруусу жана аккредитация документтерин бергени үчүн, Тышкы иштер министрлигине жана башка мамлекеттик органдарга жардамы жана кызматташтыгы үчүн ыраазычылык билдирет. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ ошондой эле талапкерлер менен саясий партиялардын, жарандык коом уюмдарынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө пикир бөлүшүүсү үчүн алкыш айтат. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ ошондой эле Бишкектеги ЕККУ Борборуна, Этникалык азчылыктар боюнча ЕККУ жогорку комиссарына жана башка эл аралык уюмдар менен дипломатия өкүлчүлүктөрүнө алардын кызматташтыгы жана колдоосу үчүн алкыш айтат.

## III. ТҮЗҮЛГӨН АБАЛ ЖАНА САЯСИЙ КОНТЕКСТ

Параламенттик шайлоонун 4 - октябрда өтүүсү Президент Алмазбек Атамбаев тарабынан 2015- жылдын 25-июлунда жарыяланган. Шайлоо, бир тарабынан, өлкөнүн келечектеги саясий түзүмү тууралуу уланып жаткан талаштар менен мүнөздөлгөн саясий абалда өттү. 2010 – жылы кабыл алынган Конституцияда тикелей шайлануучу президент жана парламенттик көпчүлүк тарабынан көрсөтүлүп, президент тарабынан дайындалуучу премьер-министр жетектеген өкмөт кирген жарым-парламенттик система каралган. Ошол эле учурда, саясий элитанын арасында өлкөнү президенттин аппаратында көбүрөөк аткаруу бийлиги чогултулган президенттик системага өткөрүү же толугу менен парламенттик системага өтүү тууралуу талаш сөздөр токтой элек. Мыйзамга ылайык 2020- жылга чейин Конституцияга өзгөртүү киргизүүгө парламенттин укугу чектелген экенине карабай, бир нече парламент мүчөсү (ПМ) жана Президент Атамбаев референдум аркылуу Конституцияга өзгөртүү киргизүү пикирин колдоорун билдиришти. Бул демилгелерди бир нече саясий партия жана жарандык коом өкүлдөрү сындоо менен кабыл алышты.

2010- жылдагы парламенттик шайлоодон кийин түзүлгөн өкмөт көпчүлүктүн коалициясын түзгөн 3 партиядан турат. Мурунку чакырылыштагы парламенттин тушунда бийликтеги коалиция 3 жолу кайра түзүлдү. 2015 – жылкы шайлоого чейин Кыргызстандын Социал-демократиялык партиясы (КСДП, парламентке 26 мандат алган) *Ар Намыс* (25 мандат) жана *Ата Мекен* (18 мандат) - парламенттик көпчүлүктү түзүп, ал эми *Ата-Журт* (28 мандат) жана *Республика* (23 мандат) партиялары оппозицияда болушту.

Кыргыз Республикасынын саясий партиялар системасы бириндеген, Адилет министрлиги расмий каттоодон өткөргөн 203 партиядан турат. Улуттук же диний негизде саясий партия түзүүгө жол берилбейт.[3] Кыргызстандагы саясий партиялар бири-бирине көп тарабынан окшош платформалары менен эмес, аларды жетектеген адамдар менен мүнөздөлөт. Учурдагы парламент мүчөлөрүнүн бир тобу бул шайлоого башка партиялардын тизмесинен көрсөтүлгөнү

---

[2] Буга чейинки отчетторду мындан караңыз: [ЕККУ/ДИАУБдун Кыргыз Республикасы боюнча мурунку отчеттору](#).

[3] 1992 жылкы Улуттук, этникалык, диний жана тилдик азчылыктарга кирген адамдардын укуктары жөнүндө БУУнун Декларациясынын 3.1 беренесинде: «азчылыктарга кирген адамдар өз укуктарын … өз алдынча да, өз тобунун башка мүчөлөрү кирген жамаат менен бирге да басмырлоосуз ишке ашыра алышат», - деп жазылган.

тастыктап тургандай, талапкерлердин өз партияларына берилгендиги абдан төмөн.[4]

Конституцияда теңчилдикке кепилдик берилгени менен, аялдар саясий турмушта жетиштүү өкүлчүлүккө жетпей келет, анын ичинде шайлануучу кызмат орундарда да. 2015 - жылдын 24-сентябрына карай, премьер-министрдин 4 орунбасарынын бири, 15 министрдин экөө, 7 област губернаторунун бири жана 48 мамлекет катчы менен министрдин орун басарларынын 10 аялдар болгон.[5] Акыркы жылдарда БУУнун адам укуктары боюнча комитети азчылыктардын саясий жана мамлекеттик мекемелерде аз көрсөтүлгөнү менен тынчсызданууусун билдирген.[6]

## IV. УКУКТУК НЕГИЗ ЖАНА ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ

Парламенттик шайлоо негизинен 2010- жылы кабыл алынган Конституция, 2011- жылы кабыл алынган Президенттик жана Парламенттик шайлоолор жөнүндөгү конституциялык мыйзам (мындан ары Шайлоолор жөнүндө мыйзам) жана 2011-жылы кабыл алынган Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы жөнүндө мыйзам[7] менен жөнгө салынат. Шайлоолор жөнүндө мыйзамга 2015-жылдын апрель айында, саясий партиялар, мамлекеттик мекемелер жана жарандык коом кызуу катышкан талкуулардан кийин, өзгөртүүлөр киргизилди.[8] Киргизилен өзгөртүүлөрдүн натыйжасында мыйзам парламенттеги партиялар тарабынан колдонуп, шайлоочулардын милдеттүү түрдө биометрикалык каттоодон өтүүсү, бюллетендерди эсептөөдө сканерди колдонуу, шайлоого байланышкан талаштарды жөнгө салуу, саясий партиялар үчүн шайлоо депозиттерин жогорулатуу, шайлануу босогосун кайра карап чыгуу, шайлоо өнөктүгүнө каражат жыйноо жана чыгашаларды чектөө тууралуу жоболор менен толукталды.

---

4 Учурдагы 120 парламент мүчөсүнүн 93ү кайрадан талапкерлигин көрсөттү. «Республиканын» 20 депуттарынан төртөө жана «Ата-Журттун» 21 депутатынын бешөө гана бириккен «Республика-Ата-Журт», саясий партиясынан талапкерлигин көрсөтүштү. «Республиканын» 16 депутаты (70%) жана «Ата-Журттун» 16 депутаты (57%) башка саясий партияларга кирип кетишти. Ошондой эле, «Ар-Намыстын» мурунку 25 депутатынын жетөө (28%) гана өз партиясынан талапкерлигин көрсөтүшсө, 14 (56%) - башка саясий партиялардын тизмесинен көрсөтүштү. КСДП жана «Ата-Мекендин» 3төн депутаты да шайлоо учурунда өз партияларынан чыгып, башка саясий партияларга киришти.

5 Аялдарды басмырлоонун бардык формаларын жоготуу боюнча БУУ Комитетинин Кыргызстандын 4-мезгилдик отчетунун жалпылоочу жыйынтыктарын 23- параграфын караңыз (11.03.2015).

6 БУУнун адам укуктары боюнча комитетинин Кыргызстандын 2-мезгилдик отчетунун жалпылоочу жыйынтыктарынын 27- параграфын караңыз (23.04.2014)

7 Тиешелүү мыйзамдарга дагы Саясий партиялар жөнүндө мыйзам, Тынч жыйындар жөнүндө мыйзам, Биометрикалык каттоо жөнүндө мыйзам, Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекс жана Кылмыш жаза кодекси кирет.

8 2002-жылы кабыл алынган Европа Кеңешинин «Демократияга Мыйзам аркылуу» комиссиясынын (Венеция Комиссиясынын) Шайлоо маселелери боюнча Алдыңкы практика кодексинин II. 2. b пунктунда мындай рекомендация берилет: «шайлоого бир жыл калгандан баштап, Шайлоо жөнүндө мыйзамдын негизги бөлүктөрүнө өзгөртүүлөр киргизилбеши керек». Бирок ал рекомендацияларды жүзөгө ашыруу шайлоо жөнүндө мыйзамдардын туруктуулук принциби үчүн катардагы эмес көрүнүш катары эсептелет: «эл аралык уюмдардын рекомендацияларын аткарууга тоскоолдук жаратпоо үчүн … аларга шилтеме жасоо туура эмес». Венеция Комиссиясынын Шайлоо жөнүндө мыйзамдардын туруктуулугу боюнча чечмелөөчү декларациясынын II. 2 бөлүмүн караңыз.

Жакында киргизилген өзгөртүүлөр буга чейин ЕККУ/ДИАУБ жана Европа Кеңешинин «Демократияга Мыйзам аркылуу» комиссиясы (Венеция Комиссиясы) берген рекомендациялардын айрымдарын эске алган.[9] Ошол эле учурда, мындан сырткары берилген рекомендациялар боюнча чара көрүлө элек, аларга көз карандысыз талапкерлердин парламенттик шайлоолорго катышуу укугу, гендердик квоталардын мандаттар бөлүнгөнгө чейин сакталышы, эркинен ажыратылгандардын добуш берүү укугун чектөө менен кош шайлоо босогосун кайра карап чыгуу, талапкерлерди каттоодон чыгаруу үчүн негиздерди чектөө жана шайлоо өнөктүгүн каржылоонун ачык-айкындыгын арттыруу кирген. Укуктук системада демократиялык шайлоолорду өткөрүү үчүн жалпысынан жетиштүү негиз түзүлгөнү менен ага комплекстүүлүк жетишпейт, учурдагы боштуктар жана төп келишпестиктер болсо укуктук дааналык менен шайлоо укуктарын натыйжалуу пайдаланууга терс таасир этти.[10] Жалпысынан, мындай мыйзамдык төп келишпестиктер БШК тарабынан чечилген эмес.[11]

*ЕККУ/ДИАУБдун буга чейинки рекомендацияларына ылайык, шайлоолор жөнүндө укуктук негиз кайра каралып, консолидацияланып жана шайкештикке келтирилип чыгышы зарыл.*

ПМдер (парламент мүчөлөрү) мамлекет боюнча бирдиктүү шайлоо округунда жабык тизмелүү пропорционалдык система аркылуу беш жылдык мөөнөткө шайланат. Партиялар орундарга ээ болуш үчүн өлкө боюнча таанылган добуштардын кеминде 7 пайызын жана 7 областтын ар биринде, о.э. Бишкек жана Ош шаарларында жарактуу деп табылган добуштардын кеминде 0.7 пайызын алуусу зарыл.[12] Конституция бир партия бир палаталуу Жогорку Кеңеште ала алуучу орундардын санын 120 ичинен 65ке чектеди. Эки деңгээлдүү босогонун киргизилишине да, орундардын чектелишине да ЕККУ/ДИАУБ жана Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы мурда баа берген.[13] Эки босогонун киргизилиши өлкө боюнча пропорционалдуу өкүлчүлүк системасынын максаттарына бөгөт коёт. Бир саясий партиянын ала алуучу орундарын, анын канча добуш алганына карабай, 65ке чектөө шайлоочулардын өз эркин тоскоолдуксуз билдирүү укугуна доо кетирет.[14]

*Бир саясий партия ала алуучу парламенттеги орундардын чектелиши плюралисттик саясий чөйрө түзүүгө көмөктөшүүчү өткөөл мезгилдеги жобо катары каралышы мүмкүн, бирок анын мыйзамга узак мөөнөткө киргизилишине этияттык менен кароо зарыл. Аймактык босогону кайра карап чыгуу талап кылынышы мүмкүн, анткени ал мамлекет боюнча бирдиктүү шайлоо округуна негизделген пропорционалдык системанын принциптерине карама каршы келиши ыктымал.*

---

9 Кыргызстан боюнча буга чейинки бардык ЕККУ/ДИАУБ отчетторун жана ЕККУ/ДИАУБ менен Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын КРнын Шайлоолор жөнүндө мыйзамынын долбоору тууралуу 2014-жылкы биргелешкен пикирин караңыз.

10 Мисалы, Биометрикалык каттоо жөнүндө мыйзамда өздүк маалыматты сактоо маселеси жетиштүү каралган эмес; Шайлоолор жөнүндө мыйзамда талапкерлер менен партияларга үгүт эрежелерин бузганы үчүн качан эскертүү берилээри такталган эмес; Жарандык – процессуалдык кодекс (256 – берене) Шайлоолор жөнүндө мыйзам (44.1 – берене) менен ыңгайлаштырылган эмес; шайлоо комиссияларынын шайлоочулардын тизмелери менен иштөө укуктары Шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзам менен Шайлоолор жөнүндө мыйзамда бирдей көрсөтүлгөн эмес. Нормативдик актылар жөнүндө мыйзамда (11 – берене) болсо, нормативдик актылардын өз-ара ыңгайлашуусу жана аларда түшүнүктүү жана бир маанилүү терминдердин колдонулушу талап кылынат.

11 Нормативдик актылар жөнүндө мыйзамга ылайык (4.1 - берене), БШК, өз ыйгарым укутарынын чегинде жана мыйзамдын негизинде токтомдорду чыгарууга укуктуу.

12 2010 – жылы партиялар республика боюнча добуштардын 5%ын жана ар бир аймакта 0,5%ын алышы керек эле; эки босого тең катталган шайлоочулардын санына негизделип эсептелген.

13 Кыргыз Республикасынын Шайлоолор жөнүндө мыйзам долбоору тууралуу биргелешкен пикирдин 12, 18, 19 - параграфтарын караңыз.

14 ЕККУнун 1990- жылкы Копенгаген Документинин 7.9 параграфына ылайык, «мыйзамда талап кылынган добуштарды алган талапкерлер шайланган орундарын алуусу зарыл». Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пактынын (ЖСУЭП) 25- Беренесине 1996- жылы берилген БУУнун Жарандык жана саясий укуктар боюнча пактынын (ЖСУП) № 25 комментарийинин 21 – параграфында мындайча жазылган: «бардык (шайлоо) системалары шайлоочулардын өз эркин тоскоолдуксуз билдирүүсүнө кепилдик берип, аны ишке ашырууга милдеттүү».

# V. ШАЙЛООНУ УЮШТУРУУ

Шайлоо 3 деңгээлден турган шайлоо комиссияларынын системасы тарабынан уюштурулат: ага БШК, 54 аймактык шайлоо комиссиялары (АШК), чет өлкөдө добуш берүү үчүн ачылган 26 мамлекеттеги 36 добуш берүү жайларын кошкондо, 2374 участкалык шайлоо комиссиялары (УШК) кирет.

## A. БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

БШК - парламент тарабынан беш жылдык мөөнөткө шайланган туруктуу орган. Ал президент, парламенттик көпчүлүк, парламенттик оппозициянын ар бири көрсөткөн төрттөн талапкер болуп 12 мүчөдөн турат.[15] БШКнын 4 мүчөсү, төраганын 2 орун басарын кошуп, аялдар. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ маектешкен адамдардын көпчүлүгү шайлоону уюштуруунун бейтараптыгынан шектенишкен жок жана, жалпысынан, БШКнын ишине ишенишээрин билдиришти. БШК отурумдары партиялардын өкүлдөрү, ЖМК, жарандык жана эл аралык байкоочулар үчүн ачык болду; бирок, БШКнын демейдеги «жумушчу отурумдары» байкоочулар үчүн жабык болду.[16] БШК чечимдери дайым эле укуктук системага бекем негизделбей, кээде ага карама-каршы да келип жатты.[17]

*БШК чечимдери толук мыйзамга негизделип, шайлоого кызыкдар тараптарга административдик тоскоолдуктарды жаратпай, алардын укуктарын коргоп, жоболорду такташы керек.*

БШКнын өз веб-сайтын утуру жаңылап турбаганы шайлоого даярдануу процесси тууралуу кызыкдар тараптардын жана коомчулуктун маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн чектеди жана веб-сайттагы кайсы маалымат бул шайлоого тиешелүү[18] экени тууралуу адашууларга алып келди. БШКнын айрым чечимдери толук эмес же кечиктирилип[19] жарыяланып жатты жана БШК өз отурумдарынын жадыбалын жарыялаган жок. Бул маселелердеги БШКнын иш ыкмалары жараяндын ачык-айкындыгын азайтып, эл аралык стандарттарга каршы келди.[20]

*Шайлоону уюштуруу иши бардык деңгээлде ачык-айкындык принциби менен башкарылышы шарт. Шайлоо комиссияларынын бардык отурумдары жана жыйындары коом үчүн ачык болуусу керек. ЕККУ/ДИАУБдун мурдагы рекомендацияларына ылайык, БШКнын шайлоого байланышкан бардык чечимдери толук жана өз убагында жарыяланышы зарыл.*

---

15 БШКнын бир мүчөсү шайлоого талапкерлигин көрсөтүү максатында августта кызматтан кеткен бойдон, анын орду шайлоо бүткөнгө чейин толукталган эмес.

16 Шайлоолор жөнүндө мыйзам БШКнын мыйзамдуулуктун, коллегиалдуулуктун жана ачыктыктын негизинде иштөөсүн талап кылат.

17 Мисалы, БШК киргизген ЖМКларды аккредитациялоо талаптары мыйзамда каралган эмес (*Жалпыга маалымдоо каражаттары* бөлүгүн караңыз), Бишкектеги жана Оштогу кошумча шайлоо участкаларында добуш берүү үчүн процедуралар болсо, мыйзамда каралгандан көбүрөөк чектөөлөрдү камтыды. Эл аралык байкоочуларды аккредитациялоонун БШК тарабынан белгиленген башталуу жана бүтүү күндөрү мыйзамда каралган эмес. Андан сырткары, өлкөнүн сыртындагы 11 шайлоо участкасында шайлоону жана добуштарды эсептөөнү бармак издерин сканерлөөсүз жана бюллетендерди автоматтык эсептөөсүз өткөрүү тууралуу чечими Шайлоолор жөнүндө мыйзамга төп келбейт

18 Мисалы, БШК шайлоочулар шайлоого кимдер аттанганын так билиши үчүн талапкерлердин жаңыланган же акыркы тизмесин жарыялаган жок; БШК веб-сайтындагы аккредитациядан өткөн эл аралык байкоочулардын тизмеси мурунку шайлоого таандык.

19 БШКнын жыйынтык протоколдорунун формаларын жана бюллетендин формасын бекитүү тууралуу чечимдери ал формалар тиркелбеген бойдон жарыяланган. Шайлоонун бюджетин бекитүү тууралуу чечими андагы болжолдуу чыгашаларды камтыган эмес. Эл аралык байкоочуларды аккредитациялоо тууралуу чечими бир топ кечигүү менен жайгаштырылган.

20 ЖСУЭПтин 19- Беренесине 2011- жылы берилген БУУ ЖСУПтын № 34- комментарийинин 19 – параграфында мындайча жазылган: «Мүчө-өлкөлөр, маалымат алуу мүмкүндүгү тууралуу укуктун натыйжалуу ишке ашырылуусун камсыз кылуу максатында, коомчулуктун кызыгуусун жараткан өкмөттүк маалыматка жетүү үчүн кенен шарт түзүүнү приоритеттүү түрдө ишке ашыруусу зарыл».

БШК шайлоочуларды маалыматтандыруу материалдарды даярдады жана мамлекеттик ЖМК жана онлайн каражаттар аркылуу таратты. Материалдар жарандарды өздөрүнүн шайлоочулар тизмесиндеги маалыматын текшерүүгө жана жаңылоого чакырды; добуш берүүнүн жаңы процедуралары, убактылуу жашаган жерде добуш берүүнүн жолдорун жана мобилдик урна аркылуу добуш берүү жөнүндө маалымат бериштi; жана добуш берүүнүн купуялыгынын маанилүүлүгүн баса белгилешти.

## B. Аймактык жана Участкалык Шайлоо Комиссиялары

АШК жана УШКлар - Адилет министрлиги тарабынан катталган бардык саясий партиялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлерден 2 жылдык мөөнөткө куралган туруктуу органдар. АШКлар БШК тарабынан түзүлүп, 11ден кем эмес мүчөдөн турушат, УШКлар болсо, АШКлар тарабынан түзүлүп, 7ден кем эмес мүчөдөн турушат. Анткени менен, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ маектешкен айрым адамдарды шайлоо комиссияларына талапкерлердин аздыгы о.э. кээ бир АШК жана УШКлардын мүчөлөрүнүн өз милдеттерин аткара албаганы же аткарууга кызыгуусунун аздыгы шайлоо комиссиялардын ишине терс таасир этүү мүмкүндүгү тынчыздандырды. Буга кошумча, АШК жана УШКлардын көп мүчөлөрү шайлоого чейин кызмат орундарын бошотуп кетишти[21]. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын шайлоо күнүнө чейинки ишине, шайлоочулардын тизмелерин жаңылоону жеңилдетүүсүн жана жаңы жабдууларды сыноосун кошуп, оң баа берди. АШКлардын отурумдарынын баары эле партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар үчүн ачык боло берген жок.[22] АШКлардын көпчүлүгү жергиликтүү бийлик өкүлдөрү көрсөткөн логистикалык колдоого оң баа беришти.

*Шайлоо комиссияларынын бардык мүчөлөрүнө, АШК жана УШКларды кошуп, алар жасаган иштин көлөмүнө жараша маяна төлөө маселесин карап чыгуу керек.*

БШК төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссиялары үчүн окуу уюштурду. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоо жүргүзгөн окууларына оң баа берди, бирок ал окуулар шайлоо күнү бардык процедуралардын үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылууга эмес, бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулардын иштешине арналды. АШКлардын ишин жана шайлоону башкаруучу бардык деңгээлдердин ортосунда байланышты жеңилдетүү максатында, БШК ар бир АШКга өз өкүлүн бекитти. АШКлардын көпчүлүгү ал БШК өкүлдөрүнүн ишине оң баа бергени менен, ЕККУ/ДИАУБ маектешкен адамдардын айрымдары БШК өкүлдөрүнүн АШКлардын ишине ашыкча кийлигишүүсү аларда тынчсызданууу жаратканын билдиришти.[23]

АШК жана УШК деңгээлинде шайлоону уюштурууга аялдар жакшы тартылып, ЭШБМ байкоочулары шайлоо күнү барган шайлоо участкаларындагы АШК мүчөлөрүнүн 45% жана УШК мүчөлөрүнүн 56% аялдар түзүштү (төрагалардын 62 пайызын кошуп).

## C. Добуш Берүүнүн Жаңы Технологиялары

Биринчи жолу добуш берүүчү жайлар бюллетендер салынуучу урнага орнотулган бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулар менен камсыз кылынды. Сканерлердин урнага салынган бюллетендерди эсептөө жана, шайлоо участкалары жабылганда, салынган бюллетендердин жалпы санын басып чыгаруу функциялары бар. Ал маалымат БШКга жиберилип, жалпы жыйынтыктарга автоматтык түрдө кошулуп турат. Бирок, Шайлоолор

---

[21] Кызмат орундарын бошотуп кетүүнүн себептерине УШКлардын көпчүлүк мүчөлөрүнө маяна төлөнбөгөнү (шайлоо комиссияларынын төрагалары менен катчылары гана маяна алышат), комиссия мүчөлөрүнүн шайлоо өнүктүгүнө катышууну каалоосу жана оруп-жыюу мезгилине байланышкан иштер болду.

[22] АШКлар ЕККУ/ДИАУБ ШБМге, анын көптөгөн өтүнүчтөрүнө карабай, өзүнүн жакынкы отурумдары жөнүндө кабар жеткирип турган жок. Баткен жана Талас областтарынын жана Ош шаарынын АШКлары пландалбаган отурумдарын жана бейрасмий жыйындарын өткөрүп жатышты.

[23] Мисалы Каракөл, Кемин жана Токтогул АШКларында.

жөнүндө мыйзамга ылайык, добуштарды кол менен эсептөөнүн жыйынтыгы гана мыйзамдуу күчкө ээ. БШК жана башка бийлик органдары ЕККУ/ДИАУБ ШБМге бюллетендерди сканерлөө шайлоо натыйжаларын бурмалоого каршы көзөмөл механизми катары о.э. жыйынтыктоочу протоколду толтуруудагы жана натыйжаларды жарыялоодогу ачык-айкындыкты арттыруу максатында киргизилди деп билдирди. Бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулардын киргизилиши саясий партиялар жана жарандык коом тарабынан кызуу колдоого алынды.

Бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулар ага чейин бир гана жолу 2015 – жылдын май айында өткөн жергиликтүү шайлоо учурунда 50 шайлоо участкасында сыноодон өткөн. БШК күтүлбөгөн учурлар үчүн план иштеп чыкканы оң кадам болду, ага жараша Бардык АШК жана УШКлар сканерлер шайлоо учурунда оңдогус болуп бузулуп калган шартта аларды алмаштыруу үчүн кошумча жабдуу менен камсыз кылынды.[24] Экинчи сканер да бузулуп калган учурларда добуш берүү бюллетендерди көнүмүш урналарга салуу менен улантылмак. Жергиликтүү бийлик УШКларды электр кубатынын кошумча булактары менен камсыздоого милдеттендирилди.

БШК сканерлерди текшерүүнү жана коомчулукка тааныштырууну аларды шайлоо участкаларына жеткиргенге чейин ишке ашырды, андан ары УШКлар аларды күн сайын текшерип турушту.[25] Буга бардык кызыккан добуш берүүчүлөр жана байкоочулар күбө боло алышты. Ага карабай, БШКнын сканерлердин аппараттык бөлүгү жана программалык камсыздоосу боюнча кеңири маалыматты коомчулукка түшүндүрмө бербегени жана бул жөнүндө эч кандай документацияны жарыялабаганы алдыңкы практикага дал келбейт.[26] Ага кошумча, мыйзамда же иш жүзүндө системаны көз карандысыз коомдук аудиттен же сертификациядан өткөрүү каралган эмес.[27] Бул ачык-айкындыкты төмөндөтүп, жабдуулар жөнүндө документациянын жарыялабаганынын айынан добуш берүүнүн купуялыгы бузулуп, добуш берүүнүн жыйынтыгы дайындалган убакыттан эрте чыгып кетүү коркунучу бар деген тынчысзданууларды жаратты. Добуштарды кол менен эсептөө мыйзамда бекитилип, бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулардын машиналык эсептөөсүнүн тактыгын кийинки шайлоолор үчүн сыноо катары каралганы менен, жараяндын добуш берүүнүн купуялыгы сыяктуу башка маанилүү аспектилери туш тараптан сыноодон өткөрүлгөн жок. Бул шайлоолор добуш берүү үчүн жаңы технологияларды бара-бара киргизүүнүн зарылдыгын баса көрсөттү. Бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулар менен иштеген УШК мүчөлөрү БШК уюштурган 2 күндүк даярдоодон өтүштү, бул ЕККУ/ДИАУБ ШБМ тарабынан жалпысынан оң бааланды.

*Бюллетендерди сканерлөөчү жабдууларынын иштешине коомчулуктун ишенимин жана ачык-айкындуулукту күчөтүү үчүн бийлик органдары тиешелүү техникалык дкументацияны жарыяласа туура болмок. Бийлик органдары, ошондой эле, жабдуулардын жана программалык камсыздоонун коомдук аудиттен жана көз карандысыз уюмдун сертификациясынан өткөрүлүшүн камсыз кылышса туура болмок. Аудит же сертификация тууралуу маалыматтын баары коомчулукка ачык болушу шарт.*

---

[24] Шайлоолор жөнүндө мыйзамга ылайык, сканерлөөчү жабдууларды бир шайлоо участкасында бир гана жолу алмаштырууга уруксат.

[25] Сканерлерди текшерүү жана коомчулукка тааныштыруу 23- сентябрдан 2- октябрга чейин өттү.

[26] Мисалы, Европа Кеңешинин Электрондук шайлоонун юридикалык, иштөө жана техникалык стандарттары боюнча рекомендацияларынын (2004) 21 – параграфын караңыз, анда добуш берүүнүн жаңы технологиялары тууралуу маалымат коомчулукка жеткиликтүү болушу керек делет. БШК ЕККУ/ДИАУБ ШБМге бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулар тууралуу техникалык маалыматты талкуулоо үчүн БШКнын техникалык кызматкерлери менен жолугууга уруксат берген жок. Андан сырткары, ал жабдууларды сатып алуу жана бул системаны киргизүү мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөнүн жыйынтыктару тууралуу кандай маалымат берилген жок.

[27] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ бул системанын бөлүктөрү Кореяда чыгарылган жана сертификацияланган деген маалымат алды, бирок коомчулук үчүн эч кандай отчет берилген жок.

# VI. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО

Добуш берүү укугу шайлоо күнүнө карата 18 жашка толгон жарандарга, эркинен ажыратылгандардан (жасаган кылмышынын оордугунан көз карандысыз) жана укугу мыйзамдык негизде чектелген адамдардан сырткары, берилет. Эркинен ажыратылгандардын баарынын, жасаган кылмышынын оордугуна карабай, шайлоо укугунан ажыратылышы ЕККУнун алдында алынган жана башка эл аралык милдеттемелерге каршы келет.[28]

*Эркинен ажыратылгандардын баарынын шайлоо укугунан ажыратылышын алып салуу үчүн тиешелүү мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү зарыл.*

Бул шайлоо үчүн, өлкө президентинин 2013- жылдагы демилгесинен кийин, шайлоочуларды каттоо системасына олуттуу өзгөртүүлөр киргизилди. Шайлоочулардын тизмелеринин жаңыдан түзүлгөн Калктын бирдиктүү реестрине негизделиши жана Мамлекеттик каттоо кызматы (МКК) тарабынан тейлениши оң кадам болду.[29] Бир тарабынан шайлоочулардын тизмелеринде кетирилген каталарды тууралоо максатында киргизилген кошумча талап катары, жарандарга биометрикалык маалыматын тапшыруу милдети жүктөлдү, муну жасабагандарга шайлоочулардын тизмесине киргизүүдөн баш тартылды. Биометрикалык маалымат катары жарандар сканерленген бармак издерин, сүрөтүн жана колун өлкөдөгү жана өлкөдөн сырттагы дипломатиялык өкүлчүлүктөрдөгү 700дөн ашуун маалымат чогултуу пункттарында тапшырышы талап кылынды. Шайлоо күнү шайлоочулардын кимдигин аныктоо алардын бармак издеринин мурда алынган бармак издерине дал келүүсүнүн негизинде ишке ашырылды.[30] Шайлоочулардан ID картасын же паспортун көрсөтүү талап кылынды. Мурунку шайлоолордо колдонулган кимдигин аныктоочу башка документтер жарабайт деп табылды.

Биометрикалык каттоо жана кимдигин аныктоо өкмөт тарабынан шайлоо эрежелерин бузуу мүмкүнчүлүгүн чектөө жана шайлоочулардын жана саясий партиялардын шайлоо жыйынтыктарына болгон ишенимин арттыруу максатында киргизилди. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ маектешкен адамдардын көпчүлүгү бул системаны жактырганын айтышкан. Бирок, алардын айрымдары биометрикалык каттоонун шайлоочулар тизмесине киргизилүүгө шарт катары каралышы добуш берүүгө конституциялык укукту чектейт деген таризде ага каршы болушкан. Биометрикалык каттоо тууралуу конституциялык талаштар четке кагылды.[31]

Бул шайлоодо добуш берүүгө катышуу үчүн баардыгы болуп 2 761 297 шайлоочу катталган. Биометрикалык каттоону өткөрүүгө өкмөттүн убактысы чектелүү болду. Биометрикалык маалыматты милдеттүү түрдө тапшыруу 2014 - жылдын октябрь айында, Биометрикалык каттоо жөнүндө мыйзам кабыл алынгандан көп өтпөй, башталды. Бирок 2015 - жылдын апрель айында Шайлоо Кодексине өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин гана биометрикалык каттоодон өтүү шайлоочулардын тизмесине кирүү үчүн шарт болуп калды. Мунун натыйжасында, шайлоочулардын тизмесинин инклюзивдүүлүгү олуттуу кабатырлануу жаратты, анткени

---

28 ЕККУнун 1990- жылкы Копенгаген Документинин 7.3 - параграфына ылайык, мүчө-мамлекеттер «жашы жеткен жарандардын баарына бирдей шайлоо укуктарынын кепилдигин» камсыз кылышат; 14 - параграфына ылайык, укук жана эркиндиктерди чектөө «мыйзамдын максатына түз пропорционалдуу болушу керек». ЖСУЭПтин 25- Беренесине 1996- жылы берилген БУУ ЖСУПтун № 25 комментарийинин 14 – параграфында шайлоо укуктарынан ажыратуу «объективдүү жана негизделген» болушу керек деп жазылган.

29 Бирдиктүү реестрге кимдигин аныктоочу документтердин реестринен, паспорттордон, турак-жай мекемелеринин жана жарандык абалы жөнүнтө актылардын жазууларынан алынган маалымат кошумча киргизилген.

30 Беш жолу аракет кылгандан кийин дал келүү болбосо, добуш берүүчүлөрдүн өздүк идентификация номерлерине (ӨИН) жана сүрөттөрүнө көңүл бурулат. Шайлоолор жөнүндө мыйзамда жабдуу иштебей калган учурлар үчүн көйгөйдү чечүү процедуралары каралган эмес.

31 Жогорку Соттун Конституциялык Палатасы 14-сентябрда Биометрикалык каттоо жөнүндө мыйзамдын Конституцияга ылайыктыгын ырастады. Палата 23-сентябрда Шайлоолор жөнүндө мыйзамдын шайлоочулардын тизмесине киргизүүдө биометрикалык каттоодон өтүү талабынын Конституцияга ылайыктыгын ырастады.

айрым шайлоочулар алыскы жерлерде, үйдөн чыга алгыс же чет мамлекеттерде болгондуктан биометрикалык каттоодон четте калып, шайлоочулардын тизмесине кире алышпады.[32] МКК 19-сентябрга карай жашы 16га толгон 2 849 000 жаран (75 %) катталганын билдирди. Өкмөт болсо, 23-сентябрда Кыргызстанда жашаган шайлоочулардын 95 пайызы бул шайлоодо добуш берүү үчүн катталды деп билдирди.[33] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ баарлашкан түрдүү адамдар эки пайыздык көрсөткүчтү тең чындыкка жатпайт деп баалашты.[34] Чет өлкөлөрдө көптөгөн сандагы Кыргызстандын жарандары жашап жаткандыгына карабастан, өлкөдөн сыртта добуш берүү үчүн болгону 15 312 адам катталган.[35] Берилген отчетторго ылайык, алардын 2500 гана шайлоо күнү добуш беришкен. Бул добуш берүүгө укуктуу адамдардын баарынын ал укуктан пайдалана алуусун камсыз кылуу боюнча көрүлгөн иш-чаралардын натыйжалуулугунан күмөн жаратат.[36]

*Биометрикалык каттоодон өтүүнү добуш берүү үчүн талап катары киргизип жана шайлоочулардын инклюзивдүү тизмесин активдүү шайлоо укуктарын ишке ашырууга зарыл шарт катары карап жатып, бийлик органдары добуш берүүгө укуктуу жарандардын баарынын каттоодон өтүүсүнө дем берүү жана жеңилдетүү максатында комплекстүү аракеттерди көрүүсү абзел.*

Буга кошумча, айрым жарандар, мыйзамда жетиштүү жөнгө салынбаган, өздүк маалыматтын корголушунан жана туура колдонулушунан тынчсызданып, биометрикалык каттоодон өтүүгө кызыгышпаган же аны каалашкан жок.[37]

*Жарандар алардын өздүк маалыматы кандайча сакталаары, корголоору жана колдоноору тууралуу билиши керек. Бул максатка жетүү үчүн, бийлик жарандардын өздүк маалыматына жетүүнү жана аны тийиштүү жана аныкталган максатта колдонууну жөнгө салууга милдеттүү.*

Биометрикалык каттоо сыяктуу татаал жараянга берилген убакыттын тартыштыгынан улам, бийлик органдары жалпыны камтыган коомдук маалымат өнөктүгүн өткөрүштү. Буга карабастан, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ жарандарга, айрыкча мамлекеттик сектордо иштегендерге, биометрикалык маалымат тапшыруусун талап кылган басымдын түрдүү формалары көрсөтүлгөнү тууралуу ишенимдүү билдирүүлөрдү алды. Ошондой эле, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ

---

32 Эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо тууралуу эл аралык конвенциянын 41 – беренесинде «Эмгек мигранттары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү өздөрү жаран болгон мамлекеттин мыйзамдарына ылайык… ал мамлекеттин коомдук жашоосуна катышууга укуктуу. Мамлекеттер … ал укуктардын ишке ашырылышына … көмөктөшөт» деп жазылган. 2002 – жылкы КМШ Конвенциясынын 2 – беренесине ылайык «Улуттук шайлоолорду өткөрүү учурунда өз өлкөсүнөн сыртта болгон же жашаган ар бир жаран өз өлкөсүнүн башка жарандары менен бирдей шайлоо укуктарына ээ. Дипломатиялык өкүлчүлүктөр менен консулдук мекемелер жана алардын кызматкерлери жарандардын өз шайлоо укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруусуна көмөктөшөт».

33 2- октябрда БШК төрагасы эл аралык байкоочуларга өлкөдө жашаган добуш берүүгө укуктуу жарандардын 99 % катталганын билдирди.

34 МКК өз маалыматын мурунку кагаз түрүндөгүү реестрге, жарандык абалдын актыларынын жазууларына жана эл каттоонун маалыматына негиздесе, өкмөт жана БШК шайлоочулардын мурунку реестринин такталган версиясына негизделишкен.

35 КРнын Тышкы иштер министрлиги чет өлкөлөрдө жашы 16дан жогору болгон 612 747 кыргыз жараны жашап жаткандыгы тууралуу МККга билдирди.

36 ЖСУЭПтин 25- Беренесине 1996- жылы берилген БУУ ЖСУПтун № 25 комментарийинин 11 – параграфында: «Мамлекеттер добуш берүүгө укуктуу адамдардын баарынын ал укуктан пайдалана алуусун камсыз кылуу боюнча натыйжалуу чараларды көрүүгө милдеттүү. Шайлоочуларды каттоодо анын процедуралары жөнөкөйлөштүрүлүп, тоскоолдуктардын баары алынып салынышы зарыл” - деп жазылган. О. э. ЕККУнун 1990- жылкы Копенгаген Документинин 7.3 параграфын караңыздар.

37 Мисалы эмне үчүн биометрикалык маалыматтын бөлүгү катары жарандардын колу чогултулганы түшүнүксүз. БУУ Генералдык Ассамблеясынын 1990- жылкы Өздүк маалыматты камтыган компьютердик файлдар боюнча жетектөөчү принциптеринин 3 – беренесинде мындайча жазылган: «чогултуу жана сактоого тийиш өздүк маалыматтын баары аныкталган максатка жараша жана байланыштуу болушу зарыл».

борбордук жана жергиликтүү бийлик органдары шайлоочуларды каттоонун жаңы тартибинин практикалык маселелери жөнүндө жетиштүү маалымат беришпегенинин[38] эл аралык стандарттарга жооп бербесин[39] жана айрым жарандардын тынчсыздануууларын жоё албаганын белгилешти.

Жалпысынан, 20–августтан 19-сентябрга чейинки ачык жараяндын чегинде, шайлоочулар өзүнүн шайлоо участкасындагы тизмеден, Интернет тармагы аркылуу жана МККнын түз байланыш телефону боюнча өздөрүнүн катталгандыгын текшерип алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушуп, өздөрү тууралуу маалыматка өзгөртүүлөрдү киргизүүнү да сурана алышты.[40] Ал убакыт ичинде шайлоочулар биометрикалык каттоо процесси менен да тааныша алышты. Мындан сырткары, Бишкек жана Ош шаарларында жашаган, бирок анда катталбаган, көп сандагы адамдарды камтыган шайлоочулар убактылуу жашаган жеринен добуш берүү өтүнүчү менен кайрыла алышты.[41] Айрым шайлоочулар биометрикалык каттоодон ага берилген убакыт аяктоого чукулдап калганда өтүштү, мунун шайлоо участкаларындагы шайлоочулардын тизмесинде тез арада көрсөтүлбөгөндүгү, айрым учурларда адашууларга алып келди.[42]

Шайлоочуларды участкаларга алгачкы бекитүү МККнын жакында түзүлгөн даректер реестрин колдонуу менен автоматтык түрдө жүргүзүлдү. Бирок, даректер реестрин сапатынын жетиштүү эместигинен улам, МКК катталган шайлоочулардын жалпы санынын 15%га жакынын БШК бекиткен участкалардын чегине ылайык, башка участкаларга өткөрүүгө мажбур болду. Бул иш даректер реестринен алынган маалыматка жана БШК түзүп келген шайлоочулардын тизмесине негизделгени үчүн,[43] шайлоочулардын тизмеси менен таанышуу мезгилинде өздөрүнүн катталганын текшерген шайлоочулар башка участкаларга өткөрүлгөн бир нече учур болду. Шайлоочулардын тизмесинин тактыгы аны жаңылоого МККнын да БШКнын да кызматкерлери катышканы үчүн жабыркады деген маалымат тарады.

*МКК даректер реестрин жана шайлоочуларды участкалар боюнча бөлүштүрүүнү кийинки шайлоого чейин бир топ эрте жакшыртуусу абзел. МКК менен БШКнын ортосунда милдеттер тагыраак бөлүштүрүлүп, шайлоочулардын тизмесин жаңылоо мыйзамга ылайык жүргүзүлүшү зарыл.*

---

38 Мисал үчүн, жарандар шайлоочулардын тизмесин толуктоо жана жаңылоо жараяны жөнүндө, биометрикалык каттоодон өтүүдөн алардын аты-жөнү шайлоочулардын тизмесинен көрүнгөнгө чейин канча убакыт талап кылынаары жөнүндө, коомчулукка тааныштыруу убагында шайлоочулардын кагаз тизмеси менен электрондук тизмесинин ортосунда дал келбестиктердин мүмкүндүгү жөнүндө же алар биометрикалык маалыматын тапшырган жер менен алар кайсы аймактын шайлоочулар тизмесине киргизилишинин ортосунда байланыш жок экени тууралуу маалымат алышкан эмес.

39 1996- жылы берилген БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин № 25- Жалпы комментарийинин 11- параграфында, башкаларын кошпогондо, мындайча жазылган «маалыматка ээ жамааттын 25- беренеде сөз болгон укуктарын натыйжалуу пайдалана алышын камсыз кылуу үчүн (жарандарды) окутуу жана каттоо өнөктүктөрү зарыл».

40 МКК өз сайтында шайлоочулардын толук тизмесин жарыялаган. МККнын түз байланыш телефонунда бир нече оператор иштеп жаткандыгына карабай, чалуулар көп болгон учурларда, мисалы 18- сентябрда, алар менен байланышуу мүмкүнчүлүгү жок болуп калып жатты.

41 Жалпысынан, жашаган жеринде шайлоого катышуу үчүн жазылган 237 000 билдирме каралган. Бишкек шаарында жашаган, бирок туруктуу жашаган дареги боюнча башка жерлердеги шайлоо участкаларында катталган, биометрикалык каттоодон өткөн болжол менен 200 000 жарандын ичинен, 79 195 адам Бишкектен добуш берүү өтүнүчү менен кайрылышкан. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ убактылуу жашаган жеринен добуш берүү үчүн катталууга аракеттенген көп сандагы шайлоочуларды байкаган, бирок андай шайлоочулардын баарынын эле аракеттери 19-сентябрга белгиленген мөөнөт аяктаганга чейин ийгиликтүү аяктабагандай сезилди.

42 Айрым шайлоочулар белгиленген тартипте биометрикалык каттоодон өтүшкөндүгүн билдиришкенине карабай, өздөрүн кагаз тизмеден да, электрондук тизмеден да таба алышкан жок. МКК ЕККУ/ДИАУБ ШБМге 4 миңге жакын шайлоочу биометрикалык каттоо учурундагы түрдүү көйгөйлөрдөн улам шайлоочулардын тизмесине кирбей калганын билдирди.

43 Бул шайлоого чейин шайлоочулардын тизмесин түзүү жана жаңылоо үчүн БШК жоопкер болуп келген.

# VII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО

Жашы шайлоо күнүнө карата 21ге толгон жарандар, кылмыш жазасын өтөп бүтө элек же мыйзамга ылайык аны жоё электерден сырткары, парламентке шайлана алат. Көз карандысыз талапкерлер парламенттик шайлоолорго катыша албайт, бул ЕККУ алдында алынган жана башка эл аралык милдеттемелерге каршы келет.[44]

*Укуктук системага көз карандысыз талапкерлер парламенттик шайлоолорго катыша ала тургандай кылып өзгөртүүлөрдү киргизүү кажет.*

Бул шайлоого талапкерлерди көрсөтүү жараяны 28 – июлда башталып, 25 – августта аяктады. БШК инклюзивдүү жараян аркылуу талапкерлердин тизмесин берген жана 5 миллион сом өлчөмүндөгү шайлоо депозитин төлөгөн 14 саясий партияны каттоодон өткөрдү.[45] Шайлоо депозитинин өлчөмү мурунку шайлоого караганда 10 эсе көтөрүлдү. Бул кичи партиялардын шайлоого катышуусуна тоскоолдук жаратышы мүмкүн экенине карабай, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ маектешкен адамдардын көпчүлүгү бул кадамды саясий партиялардын ириленишине жана шайлоочулар үчүн салмактуу тандоо мүмкүнчүлүгүн берүүчү оң кадам катары баалашты.[46] Депозит жалпы добуштун 5% көбүн алган партияларга кийин кайтарылып берилет.

Талапкерлердин тизмелеринин инклюзивдүүлүгүн арттыруу үчүн, Шайлоолор жөнүндөгү мыйзамга ылайык, партиялар өз тизмелеринин каттоодон өтүшү үчүн талапкерлеринин тизмелеринде бир катар квоталарды сактоосу абзел. Ар бир партиянын талапкерлеринин тизмеси кеминде ар бир жыныстагы 30% талапкерди камтууга тийиш. Ошол эле учурда, тизмеге кирген ар бир төрт талапкердин жок дегенде бири азыраак көрсөтүлгөн жыныстагы адамдардан болууга тийиш. Мындан сырткары, партиялар өздөрүнүн тизмелери кеминде 15% улуттук азчылык өкүлдөрүн, 15% 35 жашка чыга элек талапкерлерди, ошондой эле мүмкүнчүлүгү чектелген кеминде эки адамды, алардын бири алгачкы 50 талапкердин арасына киришине кепилдик берүү менен, камтуусун камсыз кылуусу зарыл.[47]

Квоталар талапкерлердин тизмесинде парламентте ээ болгон орундарды бөлүштүрүүгө чейин эмес, каттоо мезгилинде гана камсыздалуусу талап кылынат. Тизмедеги квоталарды каттоодон кийин да сактоону мыйзамдын талап кылбашы жетиштүү өкүлчүлүккө ээ болбогон топтордун, айрыкча аялдардын, катышуу деңгээлин жогорулатууга багытталган чаралардын натыйжалуулугун төмөндөтөт.[48] Бул шайлоолорго катталган партиялык тизмелердеги аял талапкерлердин пайызы 30.1 менен 35.3 пайыздын ортосунда болду. Жаңы парламентке кирген партиялардын бири да шайлоодон кийин гендердик квотаны сактаган жок. Жаңы шайланган 120 парламент мүчөсүнүн 24 гана аялдар (20%).[49] Катталган жана шайланган талапкерлердин

---

[44] ЕККУнун 1990-жылкы Копенгаген Документинин 7.5 параграфына ылайык, мүчө – мамлекеттер «жарандардын саясий же мамлекеттик кызматтарга жеке адам же саясий партиялардын же уюмдардын өкүлү катары басмырлоосуз талапкерлигин коюу укугун сыйлоолору зарыл».

[45] Болжол менен 72 800 еврого барабар (каттоо мезгилинде 1 евро болжол менен 68,6 сомго барабар болгон).

[46] Шайлоого катышууну каалаган калган 20 партия, зарыл болгон документтерди, шайлоо депозитин төлөгөнү тууралуу документти кошуп, алып келе алышкан жок.

[47] Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар боюнча квота жаңы киргизилди. Жаштардын жана улуттук азчылык өкүлдөрүнүн тизмеге коюлган орду боюнча квота жок.

[48] КРнын 2020 – жылга чейин гендердик теңчиликке жетүү боюнча улуттук стратегиясын жана 2012 - 2014 – жылдарга гендердик теңчиликке жетүү боюнча улуттук иш-аракеттер планын караңыз: «Эла аралык милдеттемелерге жана улуттук мыйзамдарга жооп берүү деген гендердик паритетти алга сүрөө жана чечим кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде аялдардын өкүлчүлүгүн 50%га чейин жогорулатуу приоритеттерин камсыз кылууну билдирет».

[49] Парламентте «Ата Мекендин» 11 депутатынын 3 аялдар (27.3%); «Бир Болдун» 12 депутатынын 3 аялдар (25%); СДПКнын 38 депутатынын 9 аялдар (23.7%); «Республики-Ата Журттун» 28 депутатынын 5 аялдар (17.9%); «Кыргызстандын» 18 депутатынын 3 аялдар (16.7%) жана «Өнүгүү - Прогресстин» 13 депутатынын 1 (7.7%) аял киши болду.

санындагы айырмачылык гендердик квотаны орундарды бөлүштүрүүгө чейин сактоо тууралуу талаптын жоктугу анын натыйжалуулугун бошоңдотту.[50]

*Мыйзамдын максатына жетүү үчүн, бардык квота талаптары талапкерлердин тизмесин каттодон кийин да сакталуусун талап кылып, аларды бузгандарга тиешелүү чаралар көрүлүшү керек. Буга парламентте бошогон орунга тиешелүү квотага ылайык келген тизмедеги кийинки талапкердин келишин талап кылуу менен жетүүгө болот. Азыраак көрсөтүлгөн жыныстагы талапкерлер ал тизмедеги жок дегенде ар бир үчүнчү орунга коюлушу керектигин да ойлонуп көрсө болот. Ушундай эле орунга коюу талаптарын улуттук азчылыктардын өкүлдөрү боюнча да киргизүүгө болот.*

Саясий партияларга талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо эрежелери белгилүү болду, ал эми партиялардын өкүлдөрү жана жарандык байкоочулар каттоо документтерин иштеп чыгуу процесстери өткөн БШКнын жумушчу топторунун отурумдарына катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. БШКнын көрсөтмөсү боюнча айрым партияларга белгиленген квоталарга ылайык келүүнү камсыз кылуу максатында, өздөрүнүн алгачкы тизмелерине өзгөртүү киргизүүгө туура келди. БШК Ата Мекен партиясынын 1 талапкерин, ал сот тарабынан күнөөлүү деп табылганы үчүн, каттоодон баш тартты. Кылмыш жазасын өтөп бүтө элек же мыйзамга ылайык аны жоё электигинен улам шайлоого катышууга тыюу салынган көптөгөн талапкерлер тизмеден өздөрүнүн каалоосу менен чыгышты же аларды көрсөткөн саясий партиялар тарабынан алынып салынды.[51]
Шайлоолор жөнүндөгү мыйзамга ылайык, БШК партиялардан документтерди кабыл алган күндөн тартып 10 күн аралыгында ал партиянын талапкерлерини тизмесин каттоо тууралуу чечим чыгарышы керек. БШК мыйзам тарабынан бекитилген бул мөөнөттө каттоону бүтүрө алган жок жана, тизмелердин берилген күнүнө карабай, тизмелерди каттоонун акыркы күнү болгон 3– сентябрда бардык талапкерлер тизмелерин каттоодон өткөрдү. 28–сентябрда, шайлоого бир жумадан аз калганда, БШК Республика – Ата Журт саясий партиясынын эки тең-төрагасынын бири болгон Камчыбек Ташиевди шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерин бузгандыгы үчүн каттоодон чыгарды.[52] БШК Ташиев мырзаны, мыйзам талап кылгандай, шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерин бузгандыгы үчүн жазуу түрүндө эскертүү бербей туруп каттоодон чыгарды.[53] Мыйзамда кандай эреже бузуулар үчүн талапкерлерге же партиялардын тизмелерине каршы чара көрүлүшү мүмкүн экени так көрсөтүлгөн эмес.
*Талапкерлерди же талапкерлердин тизмелерин каттоодон чыгаруу пропорционалдуулук принциптерине ылайык жана түшүнүктүү мыйзам талаптарына негизделген болуусун камсыз кылуу үчүн мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү ойлонуп көрүү максатка ылайык.*

БШК талапкерлердин тизмелерин каттаган соң, бардык катталган талапкерлердин аты-жөнүн өзүнүн расмий сайтында жайгаштырды, бирок айрым талапкерлер каттоодон чыгарылгандан

---

[50] Президент Атамбаев өзүнүн жаңы шайланган парламентке 6 ноябрдагы кайрылуусунда мыйзамды айланып өтүүнүн натыйжасында «аялдар, азчылыктар жана жаштар боюнча квота талаптары иш жүзүндө бузулду» деп айтты. Аялдарды басмырлоонун бардык формаларын жоготуу боюнча БУУ Комитетинин жалпы мүнөздөгү №23 рекомендациясын Аялдардын саясий жана коомдук жашоодогу ролу жөнүндө 33 - параграфын да караңыз.

[51] Ички Иштер министрлигинин маалыматы боюнча, бул тыюу салуу 234 талапкерлерге таасирин тийгизди. БШК канча талапкер тизмеден алынып салынгандыгы тууралуу маалымат берген жок.

[52] Ташиев мырза Өнүгүү - Прогресс партиясынын Жалал-Абад шаарынан талапкерине кол көтөрдү делген зомбулук себебинен каттоодон чыгарылды. Шайлоолор жөнүндө мыйзам жоболорунда мындай жүрүш-туруш жөнүндө эч нерсе жазылган эмес, ал каттоодон чыгаруу үчүн себептердин тизмесинде да эскерилген эмес. Андан сырткары, мыйзамда үгүт өнөктүгүнүн эрежелерин бузгандыгы үчүн талапкерлердин жана саясий партиялардын жоопкерчилиги так көрсөтүлгөн эмес.

[53] Шайлоолор жөнүндө мыйзамдын 28.9 беренесине ылайык, БШК талапкерлердин же талапкерлердин тизмелерин үгүт өнөктүгүнүн эрежелерин кайтадан бузгандыгы үчүн каттоодон чыгара алат. ЕККУнун 1990- жылкы Копенгаген Документинин 24 - параграфында мындай талап бар: «демократиялык коомдо ар бир укукту же эркиндикти чектөө колдонулуп жаткан мыйзамдын максаттарынын бирине байланыштуу жана ал мыйзамдын максатына түз пропорционалдуу болушу керек».

кийин ага өзгөртүүлөрдү киргизген жок.[54] БШК тарабынан жарыяланган маалыматтардын жетишсиздигинен улам, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ белгиленген квоталарды саясий партиялардын сактагандыгын тастыктай албады.

*Шайлоочулардын шайлоого кимдер катышып жатканын билүү укугун коргоо максатында, талапкерлердин соңку тизмелерин жарыялоону жана шайлоо күнү аларды шайлоо участкаларында алууга мүмкүн кылууну ойлонуп чыгуу керек.*

## VIII. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮ

4-сентябрда башталып, добуш берүүгө 24 саат калганда аяктаган расмий шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө, саясий партиялар бүткүл өлкө боюнча коомчулук менен жолугушууларды жана жыйындарды өткөрүп активдүү үгүт иштерин жүргүзүштү. Жарнама такталары, керме жарнамалар жана визуалдык үгүттөөнүн башка түрлөрү, анын ичинде стиккерлер жана менчик үйлөр менен автоунааларга чапталган анча чоң эмес плакаттар, саясий партиялардын штабдарын кошуп, көп жерлерде кеңири көрүнүп турду. Шайлоо өнөктүгү, партиялардын жана талапкерлердин жыйналыш өткөрүү жана пикирди билдирүү сыяктуу негизги эркиндиктерди колдонуусуна шарт түзүп, жалпысынан тынч маанайда өттү; Республика – Ата Журттан Ташиев мырза аралашкан бир зомбулук учуру эске алаарлык катардан тышкары окуя болду (*Талапкерлерди каттоо бөлүгүн караңыз*). Мындан сырткары, ар кайсы партиялардын колдоочуларынын ортосунда айрым кагылышуулар жана визуалдык үгүт материалдарынын айрылып же жок кылынгандыгы туурасында билдирүүлөр келип түштү.[55] Шайлоого катышкан 14 партиянын баары БШКнын демилгеси боюнча жүрүш-туруш кодексине кол коюшту, ага ылайык жалган маалыматты таратпоо, “ыплас” үгүт иштерин жүргүзбөө жана коомчулуктун тынччылыгын сактоого милдеттеништи.

Ата-Мекен, Республика – Ата Журт жана КСДП саясий партиялары ири ресурстарды колдонуу менен бүткүл өлкө боюнча шайлоо өнөктүгү башталгандан тартып, көзгө урунарлык шайлоо кампанияларын жүргүзүштү. Ошондой эле Бир Бол, Өнүгүү - Прогресс жана Кыргызстан партиялары тарабынан шайлоочуларды өзүнө тартуу боюнча активдүү иш чаралар өткөрүлдү. Байкоонун жыйынтыгы боюнча, бул алты партиянын, о.э. Бүтүн Кыргызстан - Эмгек жана Замандаш партияларынын, кеңселери республиканын бардык областтарында ачылган. Бир нече көрүнүктүү талапкерлери бар Ар-Намыс партиясы негизги басымды өзүнүн башкаруучу коалицияга катышы бар экенине жасоого аракеттенди, бирок партиянын шайлоо өнөктүгү ресурстарынын чектелүү болгондугуна байланыштуу анчейин көрүнүктүү болбоду. Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө каражаттары чектелүү болгон башка партиялар, үгүт иштерин жыйынтыктоочу баскычтарда күчөтүштү. Сурамжылангандардын арасында “техникалык” же жасалма партиялардын шайлоодо белгилүү партиялардын добуштардын тартып кетүү үчүн катышканы тууралуу аңыз кептер көп учурады.

Айрым партиялар шайлоо өнөктүктөрүн өз платформаларынын негизинде жүргүзүшсө, калгандары шайлоочуларга пайда алып келген иштери, инфраструктуралык долбоорлорду, көрсөтүлгөн кызматтарды жана бюджеттик кызматкерлердин эмгек акылардын жогорулатууну кошуп, жасаган иштерин жарандарга эскертишти. Президент шайлоо өнөктүгү учурунда абдан

---

[54] 2002-жылы кабыл алынган Европа Кеңешинин Венеция Комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча Алдыңкы практика кодексинин III. Болүмүнүн 3.1. b (i, ii) пунктунда мындайча жазылган: «мамлекеттик органдардын бир катар оң милдеттемелери бар; башкаларын айтпаганда, алар шайлоого бара жаткан партиялардын тизмелери жана талапкерлер жөнүндө билүүгө шайлоочулар үчүн шарт түзүүлөрү шарт, мисалы үгүт материалдарын талапка ылайык жайгаштыруу аркылуу”.

[55] ЖМКлар билдирген дагы бир окуяга ылайык, Республика – Ата Журт партиясынын талапкери Кыргызстан партиясынын мүчөсүнө Нарын областынын Кочкор районунда бычак менен жаракат келтирген. Милиция бул окуянын шайлоого тиешеси жок экендиги боюнча расмий билдирүү жасады.

көп байкалды.[56] Бийлик өкүлдөрү президенттин инагурацияга байланышкан иш-чаралары шайлоо башталганга чейин пландалганын айтышканы менен, өнөктүк жана жымжырттык учурунда ал шайлоого катышкан башка партиялардын жана оппозициялык партиялардын көрүнүктүү мүчөлөрүнүн сындоосуна алып келген бир нече комментарий жасады.[57] Президент шайлоо күнү журналисттерге КСДП партиясы мурунку шайлоолорго караганда көбүрөөк добуш алаарынан үмүттөнгөнүн билдирди.

КСДП президенттин аброюн өнөктүк учурунда өз пайдасына колдонууга аракет кылды.[58] Айрым саясий партиялардын жана жарандык коомдун өкүлдөрү ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин мүчөлөрү менен аңгемелешүүдө КСДП партиясы, президент менен тыгыз байланышта болгондуктан, мамлекеттик долбоорлордун жүзөгө ашырылуусун өзүнө байланыштырууда деген тынчсыздануларын билдиришти. Шайлоо жараянынын ар кайсы катышуучулары «административдик ресурстарды» кыянат пайдалануунун учурлары кездешкенин билдиришкен, бирок, жалпысынан, бул маселе өтүп жаткан шайлоонун алкагында өзгөчө көйгөй жараткан жок.

Добуш сатып алуу жана сатуу боюнча күнөөлөөлөр көп таралды,[59] бир топ расмий арыздар түшүп, кылмыш иликтөө иштери козголду.[60] Саясий партиялардын өкүлдөрү ЕККУ/ДИАУБ ШБМге шайлоочулар өз добуштары үчүн акча же жекече пайда сунушталаарын күтүп жаткандыктарын билдиришти. Президент бул шайлоо учурунда добуш сатып алуу кезиккенин жана мындай практиканы токтотуу зарылдыгын айтты.[61]

*Шайлоо жараянына болгон ишенимди арттыруу үчүн добуш сатып алуу маселесин шайлоочулардын билимин арттыруу жана жаза колдонуу жолдору менен чечүүгө кошумча аракеттер жумшалуусу керек. Добуш сатып алууну жазалануучу жорук деп таанууну ойлонуп көрүү туура болмок. Саясий партиялар добуш сатып алууну сындаган конкреттүү жана чыныгы милдеттеме алыша болмок.*

Бир нече көрүнүктүү аял-саясатчылар бул шайлоого катышканы жана аял-талапкерлер өздөрүнүн эркек кесиптештери менен жарнак жана плакаттарга чогуу сүрөткө түшүшкөнү байкалганы менен, аларды ЖМКда чагылдыруу абдан аз болду. Коомдук КТРК теле-каналынын өнөктүк учурундагы талапкерлерди жаңылыктарда чагылдыруусунун 95% жана

---

56 Президент Атамбаев 1993- жылы КСДП партиясынын түзүлүшүнө колдоо көрсөткөн, 1999- жылы анын жетекчиси болгон жана 2011- жылы мүчөлүктөн чыккан. Эгемен Кыргызстан партиясынын жетекчиси Бектур Асанов Президент Атамбаевди Конституциянын 63.3 беренесин бузуп, СДПК партиясына ачык колдоо көрсөткөнү үчүн административдик жоопкерчиликке тартуу талабы менен Бишкек шаарынын райондор аралык сотуна доо арыз берген. Сот ал доо арызды четке какты.

57 Президент 3 - октябрда Бишкектеги Дордой базарынын жанындагы мектептин ачылышында пресс-конференция берип, анда Дордой жана Оберон базарларынын ээлери өздөрүнүн жарнактарына көп акча кетирип, бирок өз аймактарында бир да мектеп курушпаганын айтты; Орто Азиядагы эң ири болгон Дордой базарынын ээси «Бүтүн Кыргызстан - Эмгек» партиясынын тең-төрагасы. Президент 2-октябрда парламентке кылмышкерлерди алып кирүүгө умтулган же мүчөлөрү күч колдонгон партиялар мыйзамды сыйлашпаганын айтты. Байкоочуларды көбү үчүн бул сөздөр талапкерлеринин тизмесине Ош шаарынын мурунку мэри, кийинчерээк коррупция үчүн сырттан күнөөлүү деп табылган жана азыр өлкөдөн тышта жашап жүргөн, Мелис Мырзакматов кирген «Ата Мекен» партиясына, жана «Республика Ата Журт» партиясынан Ташиев мырзага карата айтылганын түшүнүштү.

58 Мисалы, шайлоо өнөктүгү аяктаарга жакын КСДП "Биз өлкөнү колдойбуз, Биз президентти колдойбуз" деген жарнактарды орнотту.

59 Премьер-министр Темир Сариев, 15-сентябрда Бишкекте саясий партиялардын өкүлдөрү менен жолугушуу учурунда партияларды добуштарды сатып алууну жана шайлоочулардын паспортторун жыйноолорун токтотууга чакырган.

60 Жалал-Абад милициясы ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочуларына Жалал-Абад шаарынын 5 тургуну 3-октябрда саясий партиялардын биринен өздөрүнүн добуштары үчүн акча жана күрүч алгандарын кабарлагандыгын билдирди. ЖМКлар шайлоо күнү Ички иштер министринин шайлоого чейинки мезгилде добуштарды сатып алуунун 80 учуру катталганын жана 6 кылмыш иликтөө иши козголгонун айтканын билдиришти.

61 Эл аралык байкоочулар менен өткөн 5–октябрдагы жолугушууда Президент Атамбаев бул шайлоо учурунда добуш сатып алуу кезиккенин айтты.

редактордук утурумдук программаларда чагылдыруусунун 91% эркек саясатчыларга арналды. Башка ЖМКлар да ушундай эле теңсиз чагылдырууну беришип, материалдарынын 88 – 98% эркек талапкерлерге арнашты. Саясий партиялардагы аялдардын ролу бири-биринен бир топ айырмаланат: айрым партиялар чечим кабыл алуучу кызматтарга аялдарды такыр көрсөтпөсө (Бир Бол жана Өнүгүү – Прогресс), башкалары өздөрүнүн саясий кеңештеринин мүчөлөрүнүн 40 пайызга чейини аялдар экенин билдиришкен.[62]

## IX. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮН КАРЖЫЛОО

Шайлоо өнөктүгү саясий партиялардын жана талапкерлердин өздөрүнүн каражаттарынан, ошондой эле жарандардын жана юридикалык тараптардын салымдарынан каржыланат.[63] Мыйзам каражат кошууларга, которууларга, о.э. шайлоо өнөктүгүнө кеткен чыгашаларга чектөөлөрдү коёт.[64] Ал чектер мурунку шайлоолорго салыштырмалуу бир топ жогорулатылды. Шайлоо өнөктүгүнө каражат кетирүүгө чектер беш эсе көтөрүлүп, 500 миллион сомго чейин жогорулатылды. Акчалай салым кошууга тыюу салынган, өнөктүккө каражаттар партиялар шайлоо үчүн ачкан атайын банк эсептери аркылуу которулушу шарт. Саясий партиялар мамлекет тарабынан түз каржыланбайт.

Шайлоолор жөнүндөгү мыйзам шайлоого чейинки үгүт иштеринин башталгандыгы тууралуу жарыяланган күндөн баштап кайрымдуулук иш чараларын өткөрүүгө тыюу салат. Ошентсе да, айрым партиялардын шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө, мурда жасалган кайрымдуулук иштер жана долбоорлор көп сөзгө алынды.[65] Көпчүлүк партиялар активисттерди үгүт иштерин өткөрүүгө жана шайлоо күнү байкоо жүргүзүүгө тартышты. Партиялардын акчалай чыгашаларга баруусуна бөгөт коюуга багытталган өнөктүктү каржылоо эрежелерине карабай, акы төлөнүүчү активисттерди кенен колдонуу, шайлоо учурунда акчалай эсептешүүлөрдүн көлөмүн көбөйттү.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ менен жолугушууларда саясий партиялар потенциалдуу каражат чогултуу механизми катары партия тизмелериндеги эң жогорку “орундарды сатуу” колдонулушу мүмкүн экенин айтышты.[66] Өнөктүктү каржылоо жөнүндөгү отчеттор айрым партиялар шайлоо өнөктүгүнө коротулуучу каражаттардын көпчүлүгүн талапкерлерден чогултканын айгинелейт.[67] Мындай кылуу мыйзамга каршы келбегени менен, партиялардын жеке каражат ээлеринен көз карандылыгы жана парламентте ишкер кызыкчылыктардын үстөмдүгү жөнүндө суроолорду туудурат.

БШК, шайлоо өнөктүгүнүн каржылоонун эрежелеринин сакталышын камсыздоо максатында, өз мүчөлөрүнүн биринин төрагалыгы астында көзөмөлдөөчү - ревизиялык топ түздү. Банктар БШКга пратиялардын каржылык маалыматын берип турууга милдеттүү жана БШК ар бир партияга келип түшкөн жана алар тарабынан кетирилген чыгымдардын жалпы суммасын

---

62 Бул көрсөткүчтөр 2015 - жылдын 15 октябрына карай чындыкка дал келчү. Жаңы парламенттеги калган партиялардын арасынан «Ата Мекен» өзүнүн саясий кеңешинде аялдар 40%, КСДП — 14%, «Кыргызстан» - 7% и «Республика-Ата Журт» - 6% түзөөрүн билдиришкен.

63 Шайлоолор жөнүндөгү мыйзам чет өлкөлүк, мамлекеттик жана анонимдик булактардын, ошондой эле диний жана кайрымдуулук уюмдарынын каражат кошуусуна тыюу салат. Талапкерлер өз алдынча шайлоо фонддорун түзө алышпайт.

64 Жеке жана юридикалык тараптар партиянын фондуна тиешелүү түрдө 200 000 жана 3 миллион сом которо алышса, бир талапкер 1,5 миллионго чейин, бир партия болсо — 100 миллион сомго чейин которо алышат.

65 Мисалы, «Бүтүн Кыргызстан – Эмгек», «Өнүгүү – Прогресс», «Республика-Ата Журт», «Замандаш» жана КСДП партиялары тарабынан.

66 Ири партиялардын бири ЕККУ/ДИАУБ ШБМге мурунку шайлоодо ушундай кылганын айтты, башка партиялар болсо, атаандаштарын ушундай иштерге барды деп күнөөлөштү.

67 24–сентябрда берилген каржылык отчетто, «Республики-Ата Журттун» жалпы шайлоо фондунун 46%, «Бир Бол» партиясынын 41%, «Өнүгүү-Прогресстин» 38%, КСДПнын 33% жана «Ата Мекендин» 20% алардын талапкерлеринен чогултулган.

көрсөткөн отчетторду шайлоого чейин утуру жарыялап турду. Мыйзамга ылайык, бардык партиялар БШКга аралык отчетторун, келип түшкөн акчалар жана алардын сарпталышын категорияларга бөлүп, беришкен, БШК аларды 24 – сентябрда жарыялады. Ошол эле кезде, саясий пратиялар каражаттардын булагы тууралуу маалыматты шайлоо күнүнө чейин ачууга милдеттүү эмес. Көзөмөлдөөчү - ревизиялык топ аныктаган фактылардын негизинде, БШК Аалам, Бир Бол жана Кыргызстан Элдеринин Конгресси партияларына шайлоо өнөктүгүн акчалай каржылагандыктары үчүн расмий эскертүү берди.

Партиялар шайлоо бүткөндөн кийин он күн аралыгында толук маалыматты камтыган отчетторун берүүгө тийиш. Бирок, партиялар бул отчетторун бербесе да, аларга эч кандай чаралар каралган эмес. Бул отчет жарыяланганга чейин БШК партиялардын жыйынтыктоочу каржылык отчетторун жарыялаган жок, мыйзам БШКны аны жасоого милдеттендирбегени шайлоо өнөктүгүн каржылоо эрежелеринин аткарылуусунун ачык-айкындыгын чектейт.[68]

*Шайлоо өнөктүгүн каржылоонун ачык-айкындыгын арттыруу үчүн шайлоо күнүнө чейин берилүүчү аралык отчетторго келип түшкөн каражаттардын булактары жана суммалары жөнүндө маалымат киргизилсе жана жыйынтыктоочу отчетторду жарыялоо милдеттүү кылынса туура болмок. Мыйзамга эрежелерди бузуу жана потенциалдуу чектен чыгуу үчүн натыйжалуу, пропорционалдуу жана алдын алуучу чаралар киргизилсе максатка ылайык болмок.*

# X. ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ (ЖМК)

## A. ЖМК ЧӨЙРӨСҮ ЖАНА УКУКТУК СИСТЕМА

Телевидение калктын басымдуу көпчүлүгү үчүн саясий маалыматтын негизги булагы болуп, Коомдук теле-радио корпорация (КТРК) аймактык камтуу жана көрүүчүлөрдүн саны боюнча алдыңкы орунду ээлейт. Алдыңкылардан болгон 5-Канал жана Пирамида 2011-жылы мамлекеттештирилгенден кийин НТС бүт өлкөнүн аймагын камтыган 5 телеканалдын ичинен жалгыз менчик телеканал болуп калды.[69] Басма ЖМКлардын көп санда экенине карабай, алар негизинен шаар жерлеринде сатылат. Жарнак рыногунун кичинелиги ЖМКлардын өнүгүүсүн чектеп, алардын каржылык көз карандысыздыгын бошоңдотот. ЕККУ/ДИАУБ маектешкен адамдардын көбү президент жөнүндө ЖМКлардагы материалдын баарын Президенттин аппараты координациялап жана жөнгө салышын сындоо менен эскеришти.

Шайлоолор жөнүндө мыйзам шайлоого катышкан партиялар жөнүндө материалдын көлөмү бирдей болушун жана ЖМКлар тараткан маалыматтын бейтарап жана чын болушун талап кылат. Ошондой эле ал калп экени маалым жана шайлоого катышкандардын абийрине жана кадыр-баркына доо кетире турган маалыматты чыгарууга тыюу салат, бул үгүт иштерин жана талапкерлер жөнүндө маалыматты чектейт. Чет элдик ЖМКларда үгүт иштерин жүргүзүүгө тыюу салынат жана шайлоо өнөктүгү учурунда чет элдик ЖМКларды түз эфирде эмес, мурдатан жазып алып обого чыгарууга гана болот, бул ЕККУ алдында алынган

68 БУУнун 2003 - жылкы Коррупцияга каршы конвенциясынын 7.3 беренеси мамлекеттерди «шайлануучу мамлекеттик кызматтарга талапкерлердин каржылануусунун жана, максатка ылайык учурларда саясий партиялардын каржылануусунун ачык-айкындыгын камсыз кылуу үчүн … тиешелүү мыйзамдык жана административдик чараларды кабыл алууга» чакырат. Венеция Комиссиясынын жана ЕККУ/ДИАУБдун 2010 – жылкы Саясий партиялардын ишмердигин жөнгө салуу боюнча жетектөөчү принциптеринин 200 – параграфында мындай рекоммендация берилет: “Шайлоо өнөктүгүнө кеткен каражаттар жөнүндө отчеттор тиешелүү органдарга белгиленген убакыт ичинде берилүүгө тийиш – жок дегенде шайлоо бүткөндөн кийин 30 күндөн кечиктирилбей”.

69 Адилет министрлигинин расмий сайтында жарыяланган юридикалык тараптардын реестрине ылайык, НТСтин ээси «Республика-Ата Журт» партиясынын жетекчиси Өмүрбек Бабанов.

милдеттемелерге каршы келет.[70] ЖМКлар тууралуу укуктук система БШКнын бир топ чечимдери менен толукталган.

Шайлоолор жөнүндө мыйзам мамлекеттик же мамлекет тарабынан каржыланган ЖМКлардын ар бир жумуш күнү ар бир шайлоого катышуучу партияга 1 саат эфирдик убакытты акысыз бөлүштүрүүсүн талап кылат; бирок, анда мындай убакыттын шайлоо өнөктүгүнүн ар бир жумуш күнү же анын бир бөлүгүндө гана берилиши такталган эмес. Мыйзам талаптарынын так эместигинен улам, Коомдук теле-радио корпорация (КТРК) жана Улуттук теле-радио компания (ЭлТР), башында ар бир шайлоого катышуучуга 1 саатты негиз катары алып, акысыз эфирдик убакытты бөлүштүрүштү.[71] Акысыз эфирдик убакыт расмий бөлүштүрүлгөндөн кийин КТРК ар бир шайлоого катышуучуга өз телеканалында кошумча 15 минута берди, бул оң көрүнүш деп бааланды. 2011- жылы мамлекеттештирилип 2015- жылы мамлекеттен каражат алган 5-Канал жана Пирамида мыйзамдын талабына карабай, акысыз эфирдик убакытты бөлүштүрүшкөн жок.[72] Мамлекет тарабынан каржыланган гезиттер шайлоо өнөктүгү бүткөнгө чейин ар бир шайлоого катышуучу партияга А 4 форматына барабар басма аянтын жок дегенде 1 жолу акысыз берүүсү талап кылынат. Мамлекет тарабынан каржыланган мамлекеттик 3 гезиттин экөө мыйзамда талап кылынган акысыз басма аянтынын жарымын гана шайлоого катышуучуларга беришсе, Слово Кыргызстана мындай аянтты такыр берген жок.

Шайлоолор жөнүндө мыйзам ЖМКларга эфирдик убакытты жана басма аянттарын сатууга уруксат берет, муну үчүн баалар бардык шайлоого катышуучулар үчүн бирдей болуп, шайлоо күнү дайындалгандан кийин 10 күндүн ичинде жарыяланышы керек. БШКнын иш-аракетин чагылдырууну чечкен ЖМКларга БШК аккредитация талабын киргизди. Мыйзамда каралбаганы менен, БШК саясий жарнактарды берүү боюнча төлөнүүчү ЖМКларга дагы аккредитация талабын киргизген. Бул шайлоого БШК 66 теле жана радио канал менен 137 гезитти аккредитациялады. БШК ЖМКлар үгүт иштерин же шайлоо өнөктүгүн обьективдүү чагылдыра албаган же шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн ар-намысына жана кадыр-баркына доо кетирүүгө далалат кылган шарттарда, алардын саясий жарнактарды берүү боюнча төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүү укугун чектеп, аккредитацияны кайра чакырып алуу укугун өзүнө калтырды. Негизинен интернет укуктук система тарабынан жөнгө салынбаганы менен, БШК веб-сайттар үчүн да ушундай эле талап киргизип, алардын аккредитациядан өтүүсүнө 10 күндүк мөөнөт берди.[73] Белгилүү веб-портал *Namba.kg* документтерин кеч тапшырганы үчүн аккредитациядан өткөн жок. *Namba.kg* БШКнын чечими боюнча сотко арыз берди, 3-сентябрда сот ал чечимди күчүндө калтырды[74]. ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин көптөгөн маектештери аккредитация талаптарын ашыкча жана БШКнын мандатынан сырткары деп кабыл алышты.

*Шайлоо өнөктүгүн чагылдырууну жана саясий жарнактарды берүү боюнча төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүнү чечкен ЖМКларга, аккредитациядан өтүү талабын кайра карап чыгуу абзел, себеби ал ЖМКларга кошумча тоскоолдук жаратып, шайлоочулар үчүн маалыматты потенциалдуу түрдө чектеши ыктымал.*

Шайлоолор жөнүндө мыйзам үгүт материалдарынын көчүрмөлөрүн, төлөнгөн саясий жарнактарды кошуп, БШКга тапшырууну талап кылат. БШК ал талапты өзүнчө чечмелеп,

---

70 ЕККУнун 1991 - жылкы Москва документинин 26.1 параграфында мындайча жазылган: «Коомчулук мамлекеттик органдардын кийлигишүүсүсүз маалыматты жана пикирлерди, чек аралардан көз карандысыз, чет элдик публикацияларды жана чет элдик теле-радио программаларын кошуп, алуу жана жиберүү эркиндигинен колдоно алат». О.э. ЕККУнун 1999 - жылкы Стамбул документинин 26 – параграфын караңыз.

71 Көрсөтүүлөрдүн жана партиялардын дебаттарга чыгуусунун тартибин БШК 7- сентябрда чүчү-кулак тартуу жолу менен аныктады.

72 2015- жылдын 16- февралында мамлекет 5- Каналга жана Пирамидага 5.7 миллион сомдон каражат бөлдү.

73 Бул шайлоого БШК 23 веб-сайтты аккредитациялады.

74 Соттун чечими *namba.kg* БШКга аккредицияга документтерди кеч тапшырды деп негизделди. Сот БШКнын чечими мыйзамга дал келээрин же келбесин жана ЖМКлардын укуктарынын чектелишинин негиздерин текшерген жок.

бардык үгүт материалдары, жарыкка чыкканга чейин БШК тарабынан каралып чыгып макулдашылуусу зарыл деген бейрасмий тартип орнотту. Бир нече учурда БШК алардын мазмунуна өзгөртүүлөрдү сунуштады. Бул шайлоо үчүн үгүт материалдарынын мазмунун ашыкча көзөмөлдөөгө алып келди.[75] Бирок, айрым партиялар алдын ала карап чыгууну жактырышты, анткени алардын ою боюнча, мындай процедуралар шайлоо алдында үгүт жүргүзүү эрежелерин бузгандыгы үчүн БШК тарабынан каттоодон чыгарылуу тобокелин бир топ азайтты.

*Төлөнгөн саясий жарнактардын БШК менен алдын ала макулдашылуусу тууралуу талап кайра каралып чыгууга тийиш, анткени ал БШКга партиялардын шайлоо өнөктүгү үстүнөн ашыкча көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн берет. Саясий жарнактардын мазмуну боюнча эрежелерди бузгандыгы үчүн натыйжалуураак чараларды киргизүүнү да ойлонуп чыгуу туура болот, анткени шайлоо өнөктүгүн майда бузуу үчүн каттоодон чыгарылуу бул диспропорционалдуу чара.*

## B. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮН ЧАГЫЛДЫРУУ

Click Here to Read Media Monitoring Results

Шайлоо өнөктүгү ЖМКда кенен чагылдырылды. Жалпыга маалымдоо каражаттары саясий жарнактар жана бир нече акысыз дебаттар аркылуу партияларды өз көз-караштарын түшүндүрүүсү үчүн маалымат платформасы менен камсыз кылышты. Көпчүлүк ЖМКларда шайлоо өнөктүгү тууралуу маалымат жаңылыктарда жана болуп жаткан окуялар тууралуу берүүлөрдө аз чагылдырылганы, редактордук макалалардын чектелгендиги о.э. саясий, иликтөөчү жана аналитикалык макалалардын сейректиги шайлоочулар ала алуучу бейтарап маалыматтын көлөмүн бир топ кыскартты.[76]

ЖМКлар негизинен шайлоо өнөктүгүн ишкердикке мүмкүнчүлүк катары кабыл алышып, өнөктүккө жаңылыктарында жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрүнүн редактордук материалдарында чектелүү гана орун беришти. ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин бир нече маектеши бул жарнактардан түшүүчү кирешени көбөйтүү максатында жасалды деп билдиришти. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ жүргүзгөн мониторингдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, шайлоого катышкан партиялар жөнүндөгү эфирге жана басмадан чыгарылган материалдардын басымдуу көпчүлүгү акы төлөнгөн жарнамалар болду.[77] Атап айтсак, шайлоого катышуучуларга КТРК тарабынан берилген убакыттын 79 % төлөнгөн, жаңылыктарда жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрдө шайлоого катышкан партиялар жөнүндө материалдар 2 % гана түздү. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ мониторинг жүргүзгөн башка теле-каналдарда да ушундай эле абал байкалып, шайлоого катышкан партиялар жөнүндөгү берүүлөрүнүн 77 – 95 % төлөнгөн болду.

*Мамлекеттик жана жеке менчик эфирдик ЖМКлар талапкерлердин өнөктүк иш аракеттерин жаңылыктарда жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрдө бейтарап жана тең салмактуу чагылдыруу боюнча көбүрөөк аракеттерди көрүүсү абзел. Мындай*

[75] БШК 1-октябрда КТРКга алдын ала макулдашуусуз видео-роликти эфирге чыгарганы үчүн расмий текшерүү жарыялады.

[76] БУУнун 1948 – жылкы Адам укуктары боюнча жалпы декларациясынын 19 – беренесине ылайык, маалымат алуу жана берүү укугу ар бир адамга таандык. ЖСУЭПтин 25- Беренесине 1996- жылы берилген БУУ ЖСУПтун № 25 комментарийинин 25 – параграфында мындай деп жазылган: «Жарандардын, талапкерлердин жана элдин шайланган өкүлдөрүнүн ортосунда мамлекеттик жана саясий маселелер боюнча маалымат жана пикирлер менен эркин алмашуу өзгөчө мааниге ээ. Муну үчүн мамлекеттик маселелерди көзөмөлдөөсүз жана чектөөсүз комментарийлеп жана коомчулукту алар жөнүндө маалымдап тура алуучу басма сөз каражаттарынын жана башка ЖМКлардын эркин болушу талап кылынат».

[77] 4- сентябрда ЕККУ/ДИАУБ ШБМ 6 теле-каналга (5- Канал, ЭлТР, КТРК, НБТ, НТС жана Пирамида), эки радиостанцияга (Биринчи радио жана Азаттык радиосу) жана 11 гезитке (мамлекет тарабынан каржыланган Эркин Тоо, Кыргыз Туусу, Слово Кыргызстана жана жеке менчик гезиттер Азия Ньюс, Де Факто, Дело №, Фабула, Новые Лица, РесПублика, Супер Инфо жана Вечерний Бишкек) сандык жана сапаттык жактан мониторинг жасоосун баштаган.

*маалыматты жаңылыктардан жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрдөн алуу шайлоочуларга маалыматка негизделген чечим кабыл алууга жардам берет.*

Жаңылыктарда жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрдөгү партиялар жана алардын талапкерлери жөнүндө партиялар тарабынан даярдалган материалдар мониторинг жүргүзгөн теле-каналдардан сатып алынган убакыттын 54 – 72 пайызын ээледи. Мындай материалдар катардагы жаңылык катары көрсөтүлгөндүктөн, аларды кадимки жаңылыктардан жана программалардан айырмалоо такыр мүмкүн эмес болду. Мындай материалдын көпчүлүгүндө аларга акы төлөнгөнү жөнүндө билдирме болгону менен, ал билдирмелер демейде эң аягында майда текст менен көрсөтүлүп жатты.[78] Мындай практика, мыйзам буга жол бергени менен, материалдын табияты тууралуу шайлоочуларда жаңылыш түшүнүктүн пайда болуусуна алып баруусу мүмкүн болгондуктан, редакциялык автономдуулукка жана маалымат каражаттарынын ишенимдүүлүгүнө шек келтирди.

*Жаңылыктарда жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрдө үгүт материалдын кошуп көрсөтүүгө тыюу салуу маселесин ойлонуу абзел. Ага кошумча, төлөнгөн саясий материалдардын төлөнгөн экени жөнүндө так жана такай белгиленип туруусун талап кылууну да ойлонуу керек. Бул материалдын табияты тууралуу шайлоочуларда жаңылыш түшүнүктүн пайда болуусунун алдын алмак.*

Шайлоого катышкан партиялар тууралуу жаңылык макалаларынын жетишсиздигинин шартында мамлекет тарабынан каржыланган ЖМКларда президент жана башка өкмөт кызматкерлери тууралуу ашыкча оң тариздеги макалалар жана берүүлөр өзгөчө көзгө урунуп турду. Алар саясатка байланыштуу редактордук материалдын 29 - 42 пайызын Президентке, негизинен оң маанайда, арнашса, 25 – 48 пайызын өкмөткө, негизинен нейтралдуу маанайда, арнашты. Салыштыруу үчүн, шайлоого катышкан калган партияларга баары болуп мамлекетке таандык ЖМКлардын жаңылык материалдарында 7 - 17 пайызы арналды. Президент тууралуу жаңылыктарда жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрдөгү материалдар көбүнесе СДПКнын төлөнгөн роликтеринин бөлүктөрү болгон (музыка, ураандар же видео-коштоо сыяктуу) элементтерди камтыды.

Шайлоо өнөктүгүнүн акыркы аптасында КТРК жана жеке менчик НТС теле-каналдарында СДПК, Республика – Ата Журт партияларына, жана азыраак деңгээлде Ата Мекен партиясына, арналган редакторлук материалдардын обого чыгарылышы күчөдү; бирок материалды сунуштоонун тону айырмаланып турду. КТРК Республика – Ата Журт жана Ата Мекен партиялары жөнүндө маалыматты негизинен терс маанайда тартуулап, СДПК партиясына арналган маалыматты көбүнчө оң же нейтралдуу маанайда берип жатты. Республика – Ата Журт партиясы жөнүндө маалыматты терс маанайда тартуулоо мамлекетке тийиштүү ЭлТР, 5 канал жана Пирамида каналдарында, азыраак деңгээлде, көрүндү. НТС Республика – Ата Журт партиясы тууралуу, негизинен Ташиев мырзанын каттоодон чыгарылышына байланыштуу, кеңири маалыматты оң же нейтралдуу маанайда берди.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин ЖМКларга жасаган мониторингинин жыйынтыктары коомдук Биричи радио (КТРКнын бөлүгү) жана Азаттык радиосунун тиешелүү материалдарынын ортосундагы таасын айырмачылыктарды көрсөттү. Биричи радио көбүнчө өкмөт мүчөлөрүнө көңүл бөлүп, шайлоого катышкан партияларга жалпы шайлоо өнөктүгү жүргөн мезгилдеги редактордук материалдын 11% гана түзгөн жалпысы 1 саат убакыт берилди. Азаттык радиосу көбүрөөк убакытты шайлоого катышкан партияларга жана алардын платформаларына бөлдү – анын шайлоого жана саясатка арналган материалдарынын жарымы, эч бир партияга артыкчылык берүүсүз, шайлоого катышкан партиялар жөнүндө болду.

78 ЕККУ/ДИАУБ ШБМ мониторингге алган теле-радио компаниялардын ичинен жалгыз ЭлТР төлөнгөн берүүлөрдүн башынан аягына чейин андагы материалдын төлөнгөндүгүн белгилеп турду.

Телевидение сыяктуу эле, мониторинг жүргүзүлгөн басма ЖМКлар шайлоого катышкан партиялар жөнүндө төлөнгөн саясий жарнамалар аркылуу билдирип жатышты. Жалгыз Слово Кыргызстана БШКга аккредитация үчүн документтерди убагында тапшыра албай, төлөнгөн саясий жарнамаларды чыгарууга уруксат ала албады. Башка гезиттерде шайлоого катышкан партиялар жөнүндө материалдарынын 52 – 96 пайызы акы төлөнүп басылды.

## XI. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ

Кыргыз Республикасынын эли көп этникалык топтордон турат, анын 73 % кыргыздар түзсө, азчылыктар 27 % түзөт. Азчылык топторуна өзбектер (14.5%), орустар (6.2%), дунгандар (1.1%), уйгурлар (0.9%) о.э., казактар, корейлер, месхед түрктөрү, тажиктер, татарлар, жана украиндер кирет.[79] Конституция улуттук азчылыктарга тикелей шилтеме бербейт жана улутуна карап саясий партия түзүүгө жол бербейт. Конституцияда теңчилдик жана басмырлоого жол бербөө принциптери берилген менен, басмырлоого жол бербөө тууралуу өзүнчө мыйзамдар жок. Конституцияда орус тилине расмий макам берилген.

Бардык партиялардын талапкерлер тизмелери улуттук азчылыктар боюнча квотаны катталган учурда канаатандырышты жана алардын көбү улуттук азчылыктардын өкүлдөрүн алгачкы ондукка киргизишкен. Бирок башка квоталардай эле, талапкерлер тизмелери катталгандан кийин да азчылыктар боюнча квотаны сактоо талабы же механизми жок. Азчылыктардын бир нече өкүлү шайлоодон кийин талапкерлер тизмелеринен алып салынган. Жалпысынан, жаңы парламентте улуттук азчылыктардын 15 өкүлү (12 %) орун алышты.

Дунгандар, тажиктер жана өзбектер топтолуп жашаган аймактардын бир нечесиндеги АШК жана УШКларда улуттук азчылыктар жетиштүү өкүлчүлүккө ээ болбогон. Шайлоочуларга билим берүү материалдары да, добуш бюллетендери да азчылыктардын тилинде чыгарылган эмес. Мындай практика эл аралык стандарттарга жана ЕККУ милдеттемелерине[80] туура келбейт жана де-факто кыргыз же орус тилдерин жакшы билбеген улуттук азчылыктардын өкүлдөрүнүн шайлоо укуктарын бузууга алып келиши мүмкүн эле.

*Улуттук азчылыктар топтолуп жашаган аймактарда шайлоого байланышкан маалыматты азчылыктардын тилдеринде даярдоо жана таратууга көңүл бурулушу сунушталат. Мындай аймактарда шайлоо комиссияларына улуттук азчылыктардын өкүлдөрүнүн жетиштүү катышуусун камсыз кылуучу чараларды көрүүнү ойлонуу да туура болмок.*

Азчылыктар түрдүү партиялардын иш-чараларына катышышты. Көпчүлүк партиялардын шайлоо өнөктүгүндө улутчул сөздөрдөн оолак болушу, азчылыктарга каршы өнөктүктөрдүн жок болушу жана азчылыктардын кысымга алынышы тууралуу билдирүүлөрдүн келип түшпөшү оң өзгөрүү катары бааланат. Ошентсе да, азчылыктарга каршы мазмундагы контент интернетте, анын ичинде социалдык тармактарда, орун алган учурлар болду.[81]

## XII. ЖАРАНДЫК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАР

Мыйзамдар жарандык жана эл аралык байкоочуларга бүтүндөй шайлоо жараянына байкоо жүргүзүүгө уруксат берет. Эл аралык байкоочулар БШК тарабынан аккредитацияланышы

---

[79] Кыргыз Республикасынын Статистика Комитетинин калк боюнча маалыматын караңыз.

[80] ЕККУнун 1990- жылкы Копенгаген Документинин 32.5 параграфында “улуттук азчылыктар өз тилинде маалыматты тарата, ала жана алмаша алат” деп жазылган, 1996- жылы берилген БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин 12 параграфынын 25-беренесинин 25-жалпы комментарийинде “шайлоо боюнча маалымат жана материалдар улуттук азчылыктардын тилинде да болушу керек” деп жазылган.

[81] Расалык басмырлоону жоюу боюнча комитеттин Кыргызстандын утурумдук 5–7 – баяндамаларына берилген жыйынтыктоочу эскертмелеринин 18 – параграфын да караңыз (2013–жылдын 19-апрели).

керек, ал эми жарандык байкоочулар алардын уюмдары байкоочулардын аты-жөнү көрсөтүлгөн катты байкоо жүргүзө турган жерлердин шайлоо комитеттерине (БШК, АШК, УШК) жибергенден кийин байкоочу макамын алышат. Жарандык коомдун, Демократия жана жарандык коом үчүн коалиция жана Таза Шайлоо уюмдарын кошуп, бул шайлоону байкоого, кыска жана узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүүгө жана байкоолор жөнүндө отчетторду жарыялоого активдүү катышып, жараяндын ачык-айкындыгына салым кошуусу оң жөрөлгө катары бааланат.

БШКнын 28-июлдагы № 87-чечимине ылайык, БШК эл аралык байкоочуларды аккредитациядан өткөрүүнү 4-сентябрда гана баштап, шайлоо жараянынын бардык баскычтарына натыйжалуу байкоо жүргүзүүгө болгон алардын мүмкүнчүлүктөрүн чектеп койду.[82] Аккредитация БШК тарабынан шайлоонун жыйынтыктоочу натыйжалары кабыл алынгандан кийин күчүн жоготту. Бул шайлоонун натыйжалары менен макул эместиктерди чечүүгө байкоо жүргүзүүгө болгон мүмкүнчүлүктөрдү чектеп койду.

*Шайлоо жараянынын бардык баскычтарына көз карандысыз байкоо жүргүзүүгө болгон мүмкүнчүлүктөр, шайлоонун натыйжалары жарыялангандан кийин да, БШКнын чечимдери же башка административдик тоскоолдуктар менен чектелбеши керек.*

## XIII. АРЫЗДАР ЖАНА ДАТТАНУУЛАР

Шайлоолор жөнүндө мыйзамга киргизилген акыркы өзгөртүүлөргө ылайык, шайлоого байланышкан арыздар жана даттануулардын көпчүлүгү шайлоо комиссиялары тарабынан каралат. Шайлоо комиссияларынын жана алардын мүчөлөрүнүн шайлоого кызыкдар тараптардын укуктарын бузган чечимдери, аракеттери же аракетсиздиги тууралуу даттануулар жогорураак деңгээлдеги шайлоо комиссияларына жиберилет. БШК тууралуу арыздар жана анын чечимдери тууралуу даттануулар Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук соту тарабынан каралып, андан кийин Жогорку Сотко жиберилиши мүмкүн. Мамлекеттик органдар, аткаминерлер жана шайлоого катышкан башка тараптардын иштери жана чечимдери тууралуу арыздар менен милицияга, прокуратурага, шайлоо комиссияларына же сотторго кайрылууга болот[83]. Арыздар жана даттанууларды добуш берүүчүлөр, саясий партиялар, талапкерлер, жарандык байкоочулар жана бейөкмөт уюмдар бере алышат. Талапкерлер, саясий партиялар жана жарандык байкоочулар шайлоонун жыйынтыктары тууралуу даттанууга акылуу.[84]

Арыздар жана даттануулар арызданууччу мыйзам бузуу жөнүндө кабардар болгондон тартып 2 күн ичинде берилиши зарыл.[85] Шайлоонун жыйынтыктары тууралуу арыздар шайлоонун жыйынтыктарынын протоколу толтурулгандан тартып 3 күн ичинде берилиши керек.Шайлоо комиссиялары жана соттор арыздар жана даттануулар боюнча чечимдерди 3 күн ичинде кабыл алуулары зарыл. Айтылган фактылар кошумча тактоону талап кылса, бул мөөнөт 5 күнгө

---

82 Шайлоо жараянынын башында ЕККУ/ДИАУБ ШБМде талапкерлерди каттоо процессине байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү болгон жок, анткени ал учурда алар аккредитациядан өтүшө элек болчу. Андан тышкары, башында аккредитация документтеринин кечиктирилгенинен улам Аксынын, Баткен шаарынын, Баткен районунун жана Каракол шаарынын АШКлары ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин алардын ишине байкоо жүргүзүүсүнө макулдук беришпей жатты.

83 Жарандык процедуралык кодекске ылайык, шайлоого байланыштуу талаштар жергиликтүү соттор тарабынан каралат. Бирок Жогорку Сот жана БШК ЕККУ/ДИАУБ ШБМга судьялар Шайлоолор жөнүндө мыйзамга артыкчылык берилсин деген көрсөтмө алганын кабарлашты.

84 Венеция Комиссиясынын 2002 - жылкы Шайлоолорду өткөрүүдөгү рекомендацияланган нормалардын жыйнагынын 3.3 – параграфында мындай шарт каралган: «тиешелүү шайлоо округунда катталган бардык добуш берүүчүлөр менен талапкерлер даттанууга акылуу болушу зарыл. Шайлоонун жыйынтыктары тууралуу даттанууга зарыл болгон добуш берүүчүлөрдүн минималдуу саны боюнча акылга сыярлык талаптар коюлушу мүмкүн».

85 Чечим жарыяланган күн эмес ал кабыл алынган күндү эске алып, арызданууччулар арыз берүүгө мыйзамда каралган мөөнөттү өткөрүп жиберишти деген негизде, 3 арыз соттор тарабынан четке кагылды.

чейин узартылышы мүмкүн. Милиция жана прокуратура арыздарга 2 күн ичинде жооп кайтаруусу шарт, кошумча тактоо талап кылынса, бул мөөнөт 3 күнгө чейин узартылышы мүмкүн. Шайлоо күнү же шайлоо алдындагы күнү берилген бардык арыздар жана даттануулар кечиктирүүсүз калып чыгуулары зарыл.

Шайлоо комиссиялары шайлоого чейинки арыздарды карап чыгышты, бирок дайым эле мыйзамда каралган мөөнөткө жооп беришкен эмес жана тараптарды дайым эле сот отурумунун сааты менен күнү тууралуу кабардар кылышкан эмес. Шайлоо күнүнө чейин БШКга 300дөн ашуун билдирүү келип түшкөн.[86] Арыздардын көбүн БШКнын шайлоо өнөктүгү боюнча арыздарды кароо жана өнөктүктү көзөмөлдөө боюнча жумушчу топтору карап, бир нече арыз гана БШКнын отурумунда каралды. Шайлоо комиссиялары тарабынан арыздарды кароонун натыйжаларын документтештирүүгө ачык айкындык жетишпеди.[87] БШК чечимдери дайым эле мыйзамдарды бир түрдүү колдонууга өбөлгө түзө берген жок же алардын айрымдарына укуктук негиздөө жетишпей жатты.[88] Шайлоо күнүнө чейин БШКнын үстүнөн түшкөн арыздардын көпчүлүгү соттор тарабынан, көбүнчө жетиштүү укуктук негиздөө берилбеген бойдон, күчүндө калтырылды.[89] Сот процесстери мыйзамда каралган мөөнөттө өттү, бирок тараптар дайым эле сот отуруму тууралуу кабардар кылынган жок.[90] ЕККУ/ДИАУБ баарлашкан адамдардын көбү шайлоого байланышкан талаштарды чечүүнүн натыйжалуулугунан, өзгөчө шайлоо комиссияларынын жетиштүү даярдыктан өткөнү жана квалификациясы тууралуу күмөн санаарын билдиришкен; аны менен бирге, сот системасына көз карандысыздыктын бир топ жетпей жатканы да тынчсыздануу жаратат.[91] Бул Жогорку Соттун судьясын кызматтан бошотууда айкын көрүндү.[92]

*Шайлоо комиссияларына келип түшкөн арыздар натыйжалуу коргоо укугун камсыз кылган ачык-айкын процедураларды колдонуу менен каралуусу жана чечилүүсү абзел. Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү жана судьялар үчүн арыздар менен иштөө боюнча жетиштүү окутууларды өткөрүүнү камсыз кылуу үчүн аракеттер улунтылышы зарыл.*

---

86 БШК келген каттардын баарын, арыздарды Шайлоо жөнүндө мыйзамга түшүндүрмө берүү тууралуу сыяктуу бишка каттардан өзүнчө бөлүштүрбөй, жалпы эле каттайт.

87 Жумушчу топтун отурумдарынын протоколдору түзүлгөн жок, бирок БШК ал отурумдар видеокамерага тартылды деп билдирди. Андай видео-протоколдор бир нече иштин сотто каралуу учурунда көрсөтүлдү.

88 Мисал катары БШК Азаттык партиясынын баланын сүрөтү түшүрүлгөн плакаты жашы жете электердин шайлоо өнөктүгүнө катышууга салынган тыюуну бузат деп чечти. Ошол эле убакта, БШК КСДП сыяктуу башка партиялардын балдардын сүрөтү түшүрүлгөн плакаттарына эч кандай баа берген жок. Республика – Ата Журт саясий партиясынан талапкерди каттоодон чыгаруу тууралуу (№157), Ата Мекен социалисттик саясий партиясына үгүт өнөктүгүнүн эрежелерин бузгандыгы үчүн эскертүү берүү тууралуу (№129) жана Республика – Ата Журт саясий партиясына ошол эле эрежелерди бузгандыгы үчүн эскертүү берүү тууралуу (106) чечимдеринде БШК мыйзамдын кайсы жоболору бузулганы тууралуу кабарлаган жок.

89 БШКнын 14 чечимин Биринчи Май райондук соту күчүндө калтырды, 1 чечимди күчүн жоготту деп жарыялады. Бул соттун 10 чечимине Жогорку Сотко даттануу жиберилди, бирок алар да күчүндө калтырды.Судьялар, негизинен, БШКнын шайлоо жөнүндө мыйзамдарды түшүнүүсүнө ишенип, өздөрү фактыларды иликтебей жана укуктук негиздөө жасабай эле, көпчүлүк чечимдеринде 2 тараптын позицияларын кайталап жатышты.

90 Эгемен Кыргызстан партиясынын өкүлдөрү жана жарандык активист Эрик Ырыскулбеков менен Демократия жана жарандык коом коалициясынын өкүлү Тимур Арыков мырзалар БШКнын чечимдерине каршы даттануу беришкен, бирок Биринчи Май райондук соту тарабынан сот отуруму качан өтөөрү тууралуу кабардар кылынышкан эмес.

91 2015- жылдын январында чыккан Кыргызстандын экинчи универсалдуу утурумдук обзорунда БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Кыргызстанга көз карандысыз жана бейтарап сот бийлигин түзүүнү, судьяларды тандоонун жана кызматтан алуунун обьективдүү критерийлерин түзүүнү кошуп, камсыз кылган сот реформасын ишке ашыруу рекомендациясын берген. БУУнун Адам укуктары боюнча жогорку комиссары жана Адам укуктары боюнча кеңеш да ушундай эле рекомендация беришкен.

92 Жогорку Соттун Конституциялык Палатасынын судьясы Клара Сооронкулова Биометрикалык каттоо жөнүндө мыйзам боюнча процесске баяндоочу судья болуп дайындалган. Соттун угуусунда Палата аны бул ишти кароодон четтеткен. Сооронкулова айым анын четтетилишине Президенттик администрация таасир эткенин эл алдында айтып чыгып, ишти кароого аткаруу бийлиги кийлигишип жатканынан кабар берди. Соттор Кеңеши Сооронкулова айымга каршы дисциплинардык процедура ачып, анын кызматтан бошотулушун сунуштады. Июнь айынын отузунда ал сунуш парламент тарабынан жактырылды.

Шайлоого чейинки күндөн жыйынтыктар жарыялангaнга чейин БШКга 53 арыз келип түштү.[93] ЕККУ/ДИАУБ ШБМга АШК жана УШКларга шайлоого күнү түшкөн 20 расмий арыз жөнүндө маалым болду. Ал арыздардын көпчүлүгү добуш берүүчүлөрдү каттоого байланыштуу эле. Алардын көбүн комиссиялар кабыл алган жок же шайлоочулар МККга жолдонуп жатты. Мыйзамдарда добуш берүүчүлөрдү каттоого байланыштуу маселелердин өз мезгилинде жана натыйжалуу каралышына кепилдик берилбейт.

*Мыйзамдарга, алар добуш берүүчүлөрдү каттоого байланыштуу маселелердин өз мезгилинде жана натыйжалуу каралышына кепилдик бериле тургандай кылып, аларды кароонун кыскартылган мөөнөттөрүн, компетенциялардын жана процедуралардын такталышын кошуп, түзөтүүлөрдү киргизүү зарыл.*

Шайлоо жараяны учурунда прокуратура органдарына шайлоо өнөктүгүнүн материалдарына, шайлоо комиссияларынын аракеттерине же аракетсиздигине, добуш сатып алуу жана башка мыйзамды бузуу учурларына байланышкан 13 арыз келип түштү. Кылмыш кодексине ылайык, добуш сатып алуу кылмыш катары каралат, бирок жеке айыпталуучу иштерге кирет.[94] Добуш сатып алууга байланышкан арыздын баары милицияга жиберилиши жана кылдат иликтелиши талап кылынат.[95] Аягында, добуш сатып алууга байланыштуу 4төн кем эмес кылмыш иши козголду жана алардын бири боюнча БШК бир шайлоо участкасындагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын жокко чыгарды.

## XIV. ШАЙЛОО КҮНҮ

### A. ШАЙЛОО УЧАСТКАЛАРЫН АЧУУ ЖАНА ДОБУШ БЕРҮҮ

Шайлоо күнү тынч өттү. Шайлоо участкаларын ачуу процедураларына, байкоо жүргүзүлгөн 121 шайлоо участкасынын 3өн башкасында, талап кылынган процедуралардын дайым эле аткарыла бербегенине карабай, оң баа берилди. Шайлоочулардын өздүгүн аныктоочу жабдыктарды ишке киргизүүгө жана бюллетень сканерлерин конфигурациялоого байланышкан техникалык көйгөйлөр (17 билдирүү) байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 46сынын кеч ачылуусунун негизги себеби болду; көпчүлүк учурларда ачылуу көп кечиктирилген жок (15 мүнөткө чейин).

Байкоо жүргүзүлгөн 1227 шайлоо участкасынын 95 пайызындагы добуш берүүгө, ал тартиптүү жана жакшы уюштурулган түрдө өттү делип, оң баа берилди. Шайлоо участкаларына адамдардын толуп кетиши УШКлардын 9 пайызында байкалса, шайлоочулардын добуш берүү үчүн шайлоо участкаларынын сыртында күтүп калуусу 25% пайызында байкалган. ЭШБМ байкоочулары шайлоочулардын өздүгүн аныктоочу жабдыктарды ишке киргизүүгө жана бюллетень сканерлерин конфигурациялоого байланышкан салыштырмалуу майда техникалык көйгөйлөр жөнүндө билдиришти.

Шайлоочулардын өздүгүн аныктоо процедуралары байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын дээрлик баарында сакталды, бирок алардын дээрлик жарымында айрым шайлоочулардын өздүгүн бармак издерин сканерлөө аркылуу аныктоо ишке ашырыла албады.[96] Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 32 пайызында аттары шайлоочулардын тизмесинен табылбагандыктан, айрым шайлоочуларды артка кетирген учурлар болду;

---

93 БШК 21 арызга жооп кайтарды, 9 арыз МККга жолдолду, 23 кароого алынбады.

94 Мындай иштер боюнча чечим кабыл алынышы үчүн арыздануучулар айыптоону колдоолору зарыл.

95 Ош шаардык АШКсына жана БШКга добуш сатып алууга байланышкан бир нече арыз келип түшкөн, бирок алардын баары милицияга жиберилбей, негиздөө жетишсиз делип кароосуз калтырылган.

96 Мындай учурларда шайлоочулардын өздүгүн аныктоо, алардын биометрикалык маалыматынын бөлүгү болгон, сүрөттөр аркылуу ишке ашырылып жатты.

шайлоочуларды тиешелүү шайлоо участкаларына багыттоо үчүн дайындалган МКК кызматкерлери шайлоочулардын айрымдарын, алар биометрикалык каттоодон өткөнүнө карабай, бир дагы шайлоо участкасындагы шайлоочулардын тизмесинен таба алышкан жок (*Шайлоочуларды каттоо бөлүмүн караңыз).*

Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 3 пайызында бюллетень сканерлери иштебей калгандыктан, аларды алмаштырууга туура келди. Шайлоочулардын өздүгүн аныктоочу жабдыктар жалпысынан жакшы иштеди. Ага карабай, шайлоочулардын өздүгүн аныктоочу жабдыктардын же бюллетень сканерлеринин ишиндеги жабдууга жана программалык камсыздоого байланышкан улам кайталанган көйгөйлөрү добуш берүүнүн утуру бирок кыска убакытка кармалышына алып келип жатты (*Добуш берүүнүн жаңы технологиялары бөлүмүн караңыз*).

Добуш берүүнүн купуялуулугу дайым эле сактала берген жок. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 13 пайызында айрым шайлоочулар өз бюллетендерине купуялыкта белги койгон жок. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 27 пайызында шайлоочулардын тандоосу алар бюллетендерин урнага алып бара жатканда көрүнүп жатты. Шайлоо участкаларынын дагы 11 пайызында, бюллетендердин кагазы жука болуп, белги туруктуу маркер менен коюлгандыктан, бюллетендерге коюлган белги алардын арт жагынан байкалып жатты. Бул байкоолор добуш берүүнүн купуялуулугу тууралуу маселенин системалык түрдө чечилишинин зарылдыгын баса белгилейт.

*Шайлоо комиссиялары добуш берүүнүн купуялуулугун сактого багытталган атайын чараларды көрүүлөрү зарыл. Мындай чараларга шайлоо комиссияларынын кызматкерлери тарабынан шайлоочуларга добуш берүүнүн купуялуулугун сактоо боюнча укуктары жана милдеттери жөнүндө маалымат берүү, шайлоочуларга бюллетендер үчүн атайын купуя конверттерди берүү, байкоочуларга жана УШК мүчөлөрүнө бюллетендерди салуу учурунда шайлоочуларга абдан жакын турууга тыюу салуу кириши мүмкүн.*

ЭАБМ байкоочулары айрым процедуралык эрежелердин бузулушу, мисалы бюллетендерди салуучу урналардын тиешелүү түрдө жабылбаганы (13%), тууралуу билдиришти. Алар о.э. эрежелердин олуттуу бузулушу, анын ичинде шайлоочуларга кимге добуш берүүнү айтуу (1%) жана топ катары добуш берүү (4%) тууралуу билдиришти. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 2 пайызынын айланасында ЭАБМ байкоочулары добуштарды сатып алуу далилдерин көрүшкөн. Бир нече жолу добуш берүүнүн жана көп бюллетенди салып жиберүүнүн аз кездешкени бул шайлоодогу оң көрүнүш болду.

Партиялардын өкүлдөрү байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын экөөнү кошпогондо, баарында, ал эми жарандык байкоочулар алардын жарымынан көбүрөөгүндө болушту. Тиешелүү уруксаты жок адамдар, негизинен милиция кызматкерлери, байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 30 пайызында жүрүштү; байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 4 пайызында УШКга мүчө болбогон адамдар УШК мүчөлөрүн жетектегени же ишине кийлигишкени тууралуу кабарланды. Шайлоолор жөнүндө мыйзамда шайлоо участкаларында болууга уруксат берилген, байкоочулар сыяктуу, адамдардын айрым категоряларын аныктаганы менен, башкалардын, мисалы милиция кызматкерлеринан, шайлоо участкаларында болуусу тууралуу маселе такталган эмес.

## B. ДОБУШТАРДЫ ЭСЕПТӨӨ

Добуштарды эсептөөгө байкоо жүргүзүлгөн 113 шайлоо участкасынын үчтөн биринен көбүрөөгүндө терс баа берилди, бул тынчсызданууну жараткан олуттуу көрсөткүч. Бул процесстин бүтүндүгүн камсыз кылууга багытталган негизги чаралардын көбү көрүлгөн жок. Көп УШКлар колдонулбаган бюллетендерди жок кылуу (11 билдирүү), шайлоочулар тизмесиндеги колдорду эсептөө жана ал санды жыйынтыктар протоколуна киргизүү (тиешелүү

түрдө 24 жана 13 билдирүү) сыяктуу негизги салыштыруу процедураларды аткарышкан жок. Добуштарды эсептөөнүн 12 учурунда бюллетендер партиялар боюнча бөлүнгөн жок, дагы 12 учурда бюллетендердин баары эле туура эсептеле берген жок. ЭШБМ байкоочулары 2 УШКда бюллетендердин партиялар боюнча бөлүнүшү такыр эле эсептелбей, бюллетень сканеринде көрсөтүлгөн натыйжадан көчүрүлүп жазылганын билдиришти. Бюллетендердин туура толтурулушун аныктоо көп учурларда эч нерсеге негизделбей же бири-бирине окшош эмес түрдө жасалып жатты (тиешелүү түрдө 18 жана 15 билдирүү).

Байкоо жүргүзүлгөн добуштарды эсептөөнүн дээрлик жарымында бюллетендерди кол менен эсептөөнүн жыйынтыгы бюллетень сканеринде көрсөтүлгөн натыйжа менен дал келген жок *(Добуш берүүнүн жаңы технологиялары бөлүмүн караңыз).* Көп УШКлар протоколду толук же сыя менен толтурушкан жок (тиешелүү түрдө 15 жана 10 билдирүү) же ага эрте эле кол коюп коюшту (12 билдирүү). Жыйынтыктардын протоколдорунун көчүрмөлөрү көп учурда аларды алууга укуктуу тараптарга берилген же жалпыга көрүнүктүү жерге илинген жок (тиешелүү түрдө 28 жана 39 билдирүү). УШК мүчөсү болбогон адамдар байкоо жүргүзүлгөн добуштарды эсептөөнүн 12сине катышышты. Партиялардын өкүлдөрү байкоо жүргүзүлгөн добуштарды эсептөөнүн дээрлик баарына, ал эми жарандык байкоочулар алардын жарымына чукулуна катышышты. Тиешелүү уруксаты жок адамдар, дээрлик бардык учурларда милиция кызматкерлери, 46 добуш эсептөөгө катышышты.

*Шайлоо комиссиялары добуштарды эсептөөнүн көрсөтүлгөн процедураларынын баарын сактап, салыштыруу процедуралары учурунда байкалган процедуралык каталарды жана мүчүлүштүктөрдү четтетүүлөрү зарыл.*

Оң жөрөлгө катары, добуш берүү токтотулаар замат БШК ар бир шайлоо участкасы боюнча бюллетендерди сканерлөөдөн алынган толук маалымат камтылган шайлоонун божомол натыйжаларын өзүнүн веб-сайтына жайгаштыра баштаганы ачык-айкындыкты көбөйтүп, шайлоонун жыйынтыктарына болгон элдин ишенимин аттырганын айта кетсе болот.

## C. Жыйынтыктарды Чыгаруу

Жыйынтыктарды чыгаруу жараянына шайлоо түнү байкоо жүргүзүлгөн 45 АШКнын 21инде терс баа берилди. Билдирүүлөрдүн дээрлик жарымында УШК протоколдорун кабыл алуу жана иштеп чыгуу үчүн тиешелүү шарттардын жоктугу элдин толуп кетишине алып келип (33 билдирүү), ачык-айкындуулукка терс таасир тийгизди деп айтылган (24 билдирүү).

ЭШБМ байкоочулары көп учурларда УШКлардын жыйынтык протоколдору толук толтурулбаганын (40 билдирүү) жана көп протоколдордогу сандар салыштырылбаганы (36 билдирүү) жана бюллетень сканеринде көрсөтүлгөн натыйжа менен дал келбегенин (31 билдирүү) кабарлашты. ЭШБМ байкоочулары АШКларда протоколдордогу сандар кайра эсептөөсүз өзгөртүлгөнү тууралуу 21 баяндама беришти. Шайлоонун жыйынтыктарын чыгарууга байланышкан көйгөйлөр 14 баяндамада белгиленди.

*Шайлоонун бардык процедуралары боюнча толук көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууга жана окутууларды өткөрүүгө көңүл бөлүү зарыл. Мындай көрсөтмөлөр жана окутуулар техникалык жабдуулар менен иштөө жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн шайлоо участкаларын ачууда, добуш берүү учурунда, добуштарды эсептөөдө жана жыйынтыктарды чыгаруу учурунда аткаруучу милдеттери боюнча болушу максатка ылайык.*

# XV. ШАЙЛООДОН КИЙИНКИ КҮНДӨГҮ ОКУЯЛАР

Бюллетендерди сканерлөөнүн жыйынтыктары дароо эле БШКнын расмий сайтында серверге түшкөндөн кийин жеткиликтүү болгонуна карабастан, БШК шайлоонун расмий натыйжаларына жалгыз мыйзамдуу негиз деп эсептелген добуштарды кол менен эсептөөнүн натыйжаларынын жыйынтыктоочу протоколун жарыялаган жок[97]. Бул ачык-айкындуулукка терс таасир тийгизди жана добуштарды кол менен эсептөөнүн натыйжаларын бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулардан чыккан натыйжалар менен системалык түрдө салыштырууну мүмкүн эмес кылып, бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулардан чыккан натыйжалардын тактыгын баалоо мүмкүнчүлүгүн азайтып койду.

*Ачык-айкындуулукту мындан ары артыруу үчүн БШК өзүнүн расмий сайтында добуш берүүнүн алдын ала жана расмий жыйынтыктары тууралуу отчетту толук жана шайлоо учаскалары боюнча бөлүп жарыяласа болмок.*

«Бүтүн Кыргызстан-Эмгек» саясий партиясы 69 шайлоо участкасында добуштарды кайра санап чыгуу талабын койду. БШК 9 шайлоо участкасында добуштарды кайра санап чыгууга макул болгону менен, калган 60 участокто кайра санап чыгууга жүйөлүү негиз жок деп билдирди.[98] БШК өзү да текшерүү жүргүзүп, 8 шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыгын жокко чыгарды, анткени ал жерлерде биометркалык идентификациядан өткөн шайлоочулардын саны менен салынган бюллетендердин санынын ортосунда ири айырма табылган. Бул шайлоо участкаларынын материалдары да прокуратурага иликтөөгө жөнөтүлгөн. 12 - жана 14 - октябрда «Бүтүн Кыргызстан-Эмгек» саясий партиясы 227 шайлоо участкасында добуштарды кайра эсептөөнү жана жалпы улуттук шайлоонун жыйынтыгын жараксыз деп таанууну талап кылып дагы үч арыз берген. болгон. БШК бул арыздарды мөөнөттүн бүткөнүнө байланыштуу четке каккан.[99]
БШК 15-октябрда шайлоонун жыйынтыктоочу натыйжаларын жарыялады. Аларга ылайык, алты саясий партия эки босогодон тең өтүп, мандаттарды бөлүштүргөнгө укук алышты. БШК шайлоочулардын шайлоого катышуусу 59.0% түздү деп баалады.

Шайлоо жөнүндө мыйзам саясий партияларга тизмедеги талапкерлердин кимиси парламентке мүчө болоорун өзү каалагандай тандоого же тизме каттодон өткөндөн кийин андагы талапкерлердин ордун алмаштырууга уруксат бербесе да, шайлоодон кийин талапкерлердин өз каалоосу менен тизмеден чыгып кетишине уруксат берет. Шайлоодон кийинки күнү мандат алган 6 партиянын 5нө караштуу 136 талапкерден өздөрүн тизмеден чыгаруу жөнүндө арыз келип түшкөн[100]. Демек, шайлоочулар колдогон партиялардын талапкерлеринин кимиси парламентке кирээри аларга белгисиз болгон. Айрым талапкерлер аларды талапкер катары каттоого чейин эле, жазылган күнүн көрсөтпөй, өздөрүн тизмеден чыгаруу жөнүндө арыздарга кол коюну суранышкандарын айтышты[101]. Мындай иш-аракеттер шайланган талапкерлердин парламентке кирүү укугун бузат жана демократиялык институттарга жана саясий партияларга

[97] Бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулар техникалык себептер менен колдонулбаган сегиз шайлоо участкасында добуш берүүнүн натыйжасын БШК такыр эле жарыялаган жок.
[98] Бул чечим БШКтарабынан расмий кабыл алынган эмес же БШКнын сайтында жарык көргөн эмес.
[99] Арыздарды кароодон баш тартуу тууралуу БШКнын чечими, Биринчи май райондук сотунда каралып, мыйзамдык негиздин жоктугуна жана мыйзамда орнотулган мөөнөттөн сыртта чечим кабыл алганына байланыштуу сот БШКнын ал чечимин жараксыз деп тапкан. Бирок, бул чечимге даттануу берилип, Жогорку сот райондук соттун чечимин, алгачкы арыз мыйзамда орнотулган мөөнөттөн кеч келип түшкөнүнүн негизинде, жокко чыгарган.
[100] «Республика-Ата Журт» саясий партиясынан 70 талапкер, «Кыргызстандан» - 45, «Өнүгүү-Прогресстен» 16, КДСПдан - 3 жана «Ата Мекенден» -2.
[101] 16-октябрда «Республика-Ата Журт» партиясынан бир нече талапкер БШКнын 15 талапкерди тизмеден чыгаруу жөнүндө чечимин жокко чыгаруу талабы менен БШКнын имаратынын алдында нааразылык акцясын өткөрүшкөн.

болгон ишенимди төмөндөтүп, ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге карама-каршы келет. (*Талапкерлерди катоо тартибин караңыз*).[102]

15-октябрда «Республика-Ата-Журт» партиясынан 10 жана «Өнүгүү-Прогресс» партиясынан 1 талапкер БШКны аларды тизмеден алып салуу жөнүндө чечим чыгаруусуна даттануу менен кайрылышкан.[103] Биринчи май райондук соту БШКнын бул чечимин колдогон. 20-октябрда БШК саясий партиялардын ички талаш-тартыштарына кийлигишүү үчүн анда мыйзамдык негиз жок экени тууралуу чечим чыгарып, мындай арыздарды БШКга берүү мүмкүндүгүн жокко чыгарды.[104] Октябрдын 22-23-дө Жогорку Сот жети талапкерге тиешелүү Биринчи Май райондук сотунун чечимин жана аларды каттоо жөнүндө БШКнын чечимин жокко чыгарган, анткени ал талапкерлер тизмеден чыгаруу жөнүндө өз колдору менен арыз жазбагандарын далилдей алышкан.[105] 27-октябрда БШК бул талапкерлерди кайра тизмеге киргизген.[106]
*Кандай шартта талапкерлер катталган талапкерлердин тизмесинен шайлоо күнүнөн кийин чыгып калаарын мыйзамда так көрсөтүү зарыл.*

## XVI. РЕКОММЕНДАЦИЯЛАР

Бул отчеттун бардык бөлүктөрүндө берилген рекоммендациялар Кыргыз Республикасында шайлоолорду өткөрүүнү жакшыртуу жана аларды ЕККУнун алдында алынган жана башка эл аралык милдеттенмелерге жана демократиялык шайлоолорду өткөрүү стандарттарына толук жооп бере турган деңгээлге жеткирүү аракеттерин колдоо максатында сунушталат. Бул рекоммендациялар ЕККУ/ДИАУБдун мурунку рекоммендациялары жана ЕККУ/ДИАУБ менен Европа Кеңешинин Венеция Комиссиясынын Кыргызстанын шайлоолор жөнүндө мыйзамдары боюнча бирге берген пикирлеринде камтылган аткарыла элек мурунку рекоммендациялары менен чогуу каралышы абзел. ЕККУ/ДИАУБ шайлоо жараянын мындан ары жакшыртуу үчүн Кыргыз Республикасынын бийлигине жана жарандык коомуна көмөктөшүүгө даяр.[107]

### A. ПРИОРИТЕТТҮҮ РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР

---

[102] ЕККУнун 1990- жылкы Копенгаген Документинин 7.9 параграфына ылайык «Элдин эрки өкмөттүн бийлигине негиз болушу үчүн … мыйзамда орнотулган тартипте жана демократиялык парламент менен конституциянын процедураларына ылайык … мүчө - мамлекеттер мыйзамда талап кылынган добуштарды алган талапкерлердин шайланган орундарын алуусун камсыз кылуусу зарыл».

[103] Бул талапкерлер алардын өздөрүн тизмеден чыгаруу жөнүндө арыздары жасалма болгондугун айтышып, БШКнын чечимин мыйзамсыз деп табууну талап кылышты. Тизмеден чыгып калган талапкерлердин айрымдары өздөрүн тизмеден чыгаруу жөнүндө эч кандай арыз жазбагандарын билдиришти, бирок ошол эле маалда башкалары талапкерлердин тизмелерин каттоого чейин мындай арыз жазгандарын мойнуна алышкан. Талапкерлер БШКнын тизмеден чыгаруу жөнүндө арыздарды алуусуна макул эместигин билдиришти, анткени, мыйзамга ылайык, талапкерлер андай арызды өз колдору менен жазуулары керек эле.

[104] БШК өзүнүн №158 чечиминде мындай токтом кабыл алган: «талапкерлердин тизмесин түзүү мезгилинде саясий партиялардын жана алардын өкүлдөрүнүн иш аракеттери талапкерлер менен аларды көрсөткөн партиялардын ортосундагы келишимдерге жана өз ара милдеттенмелерге негизделет. Жазылган күнүн көрсөтпөй кол коюлган (тизмеден чыгаруу жөнүндө) арыздар ал макулдашуулардын шартына туура келет. Ал макулдашуулардын максаты тиешелүү шайлоо участкаларында (талапкерлердин аракети менен) саясий партияларга жетиштүү добуштарды камсыз кылуу эле. Саясий партиялардын талапкерлерди көрсөтүү процессин мыйзамдык жөнгө салууну такташтыруу рекоммендациясы берилет. Бекитилген участкаларда керектүү добуштарды ала албаган талапкерлерди тизмеден чыгаруу көйгөйлөрү объективдүү жана качып кутулгус».

[105] Шайлоо жөнүндө мыйзамга ылайык, талапкерлер мандаттарды бөлүштүрүүгө чейин кызматтан кетүүгө БШКга арыз жазганга укуктары бар. Сот көп учурларда мындай арыздар жазылган жок деп тапты.

[106] «Республика-Ата Журт» саясий партиясынын 5 талапкери ушул чечимдин негизинде мандаттарын алышкан. Ал эми 2 талапкер ошол тизмеде партия алган мандаттардын санына караганда төмөнүрөөк орундарды ээлешкен.

[107] ЕККУнун 1999-жылкы Стамбул документинин 25 параграфында ЕККУнун мүчө-мамлекеттери «ДИАУБдун шайлоолорго берген баалоолоруна жана рекомендацияларына тез арада жооп кайтаруу» милдеттемесин алышкан.

1. ЕККУ/ДИАУБдун буга чейинки рекомендацияларына ылайык, шайлоолор жөнүндө укуктук негиз кайра каралып, консолидацияланып жана шайкештикке келтирилип чыгышы зарыл.

2. Кандай шарттарда талапкерлер катталган талапкерлердин тизмесинен шайлоодон кийинки күнү чыгарылышы мүмкүн экени мыйзамда так көрсөтүлүүсү зарыл.

3. Биометрикалык каттоодон өтүүнү добуш берүү үчүн талап катары киргизип жана шайлоочулардын инклюзивдүү тизмесин активдүү шайлоо укуктарын ишке ашырууга зарыл шарт катары карап жатып, бийлик органдары добуш берүүгө укуктуу жарандардын баарынын каттоодон өтүүсүнө дем берүү жана жеңилдетүү максатында комплекстүү аракеттерди көрүүсү абзел.

4. БШКнын чечимдери мыйзамга бекем негизделиши зарыл жана шайлоо процессинин катышуучуларына административдик тоскоолдуктарды жаратпай, шайлоо учурунда алардын укуктарынын сакталышына өбөлгө түзүп жана укуктук нормаларга тактыкты киргизиши зарыл.

5. Укуктук системага көз карандысыз талапкерлер парламенттик шайлоолорго катыша ала тургандай кылып өзгөртүүлөрдү киргизүү кажет.

.

6. Мыйзамдын максатына жетүү үчүн, бардык квота талаптары талапкерлердин тизмесин каттодон кийин да сакталуусун талап кылып, аларды бузгандарга тиешелүү жазалар колдонулушу керек. Буга парламентте бошогон орунга тиешелүү квотага ылайык келген тизмедеги кийинки талапкердин келишин талап кылуу менен жетүүгө болот. Азыраак көрсөтүлгөн жыныстагы талапкерлер ал тизмедеги жок дегенде ар бир үчүнчү орунга коюлушу керектигин да ойлонуп көрсө болот. Ушундай эле орунга коюу талаптарын улуттук азчылыктардын өкүлдөрү боюнча да киргизүүгө болот.

7. Шайлоо жараянына болгон ишенимди арттыруу үчүн добуш сатып алуу маселесин шайлоочулардын билимин арттыруу жана жаза колдонуу жолдору менен чечүүгө кошумча аракеттер жумшалуусу керек. Добуш сатып алууну кылмыш деп таанууну ойлонуп көрүү туура болмок. Саясий партиялар добуш сатып алууну сындаган конкреттүү жана чыныгы милдеттеме алышса болмок.

8. Жаңылыктарда жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрдө үгүт материалдын кошуп көрсөтүүгө тыюу салуу маселесин ойлонуу абзел. Ага кошумча, төлөнгөн саясий материалдардын төлөнгөн экени жөнүндө так жана такай белгиленип туруусун талап кылууну да ойлонуу керек. Бул материалдын табияты тууралуу шайлоочуларда жаңылыш түшүнүктүн пайда болуусунун алдын алмак.

9. Шайлоо өнөктүгүн каржылоонун ачык-айкындыгын арттыруу үчүн шайлоо күнүнө чейин берилүүчү аралык отчетторго келип түшкөн каражаттардын булактары жана суммалары жөнүндө маалымат киргизилсе жана жыйынтыктоочу отчетторду жарыялоо милдеттүү кылынса туура болмок. Мыйзамга эрежелерди бузуу жана потенциалдуу чектен чыгуу үчүн натыйжалуу, пропорционалдуу жана алдын алуучу чаралар киргизилсе максатка ылайык болмок.

## B. БАШКА РЕКОММЕНДАЦИЯЛАР

### Укуктук система

10. Бир саясий партия ала алуучу парламенттеги орундардын чектелиши плюралисттик саясий чөйрө түзүүгө көмөктөшүүчү өткөөл мезгилдеги жобо кары каралышы мүмкүн,

бирок анын мыйзамга узак мөөнөткө киргизилишине этияттык менен кароо зарыл. Аймактык босогону кайра карап чыгуу талап кылынышы мүмкүн, анткени ал мамлекет боюнча бирдиктүү шайлоо округуна негизделген пропорционалдык системанын принциптерине карама каршы келет.

**Шайлоону уюштуруу**

11. Шайлоону уюштуруу иши бардык деңгээлде ачык-айкындык принциби менен башкарылышы шарт. Шайлоо комиссияларынын бардык отурумдары жана жыйындары коом үчүн ачык болуусу керек. ЕККУ/ДИАУБдун мурдагы рекомендацияларына ылайык, БШКнын шайлоого байланышкан бардык чечимдери толук жана өз убагында жарыяланышы зарыл.

12. Шайлоо комиссияларынын бардык мүчөлөрүнө, АШК жана УШКларды кошуп,алар жасаган иштин көлөмүнө жараша маяна төлөө маселесин карап чыгуу керек.

13. Бюллетендерди сканерлөөчү жабдууларынын иштешине коомчулуктун ишенимин жана ачык-айкындуулукту күчөтүү үчүн бийлик органдары тиешелүү техникалык документацияны жарыяласа туура болмок. Бийлик органдары, ошондой эле, жабдуулардын жана программалык камсыздоонун коомдук аудиттен жана көз карандысыз уюмдун сертификациясынан өткөрүлүшүн камсыз кылышса туура болмок. Аудит же сертификация тууралуу маалыматтын баары коомчулукка ачык болушу шарт.

14. Шайлоо жараянынын бардык баскычтарына көз карандысыз байкоо жүргүзүүгө болгон мүмкүнчүлүктөр, шайлоонун натыйжалары жарыялангандан кийин да, БШКнын чечимдери же башка административдик тоскоолдуктар менен чектелбеши керек.

**Шайлоочуларды каттоо**

15. Эркинен ажыратылгандардын баарынын шайлоо укугунан ажыратылышын алып салуу үчүн тиешелүү мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү зарыл.

16. Жарандар алардын өздүк маалыматы кандайча сакталаары, корголоору жана колдоноору тууралуу билиши керек. Бул максатка жетүү үчүн, бийлик жарандардын өздүк маалыматына жетүүнү жана аны тийиштүү жана аныкталган максатта колдонууну жөнгө салууга милдеттүү.

17. МКК даректер реестрин жана шайлоочуларды участкалар боюнча бөлүштүрүүнү кийинки шайлоого чейин бир топ эрте жакшыртуусу абзел. МКК менен БШКнын ортосунда милдеттер тагыраак бөлүштүрүлүп, шайлоочулардын тизмесин жаңылоо мыйзамга ылайык жүргүзүлүшү зарыл.

**Талапкерлерди каттоо**

18. Айрым талапкерлердин же талапкерлердин тизмелерин каттоодон чыгаруу пропорционалдуулук принциптерине ылайык жана түшүнүктүү мыйзам талаптарына негизделген болуусун камсыз кылуу үчүн мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү ойлонуп көрүү максатка ылайык.

19. Шайлоочулардын шайлоого кимдер катышып жатканын билүү укугун коргоо максатында, талапкерлердин соңку тизмелерин жарыялоону жана шайлоо күнү аларды шайлоо участкаларында көрүүгө мүмкүн кылууну ойлонуп чыгуу керек.

**Жалпыга маалымдоо каражаттары**

20. Шайлоо өнөктүгүн чагылдырууну жана саясий жарнактарды берүү боюнча төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүнү чечкен ЖМКларга, аккредитациядан өтүү талабын кайра карап чыгуу абзел, себеби ал ЖМКларга кошумча тоскоолдук жаратып, шайлоочулар үчүн маалыматты потенциалдуу түрдө чектеши ыктымал.

21. Төлөнгөн саясий жарнактардын БШК менен алдын ала макулдашылуусу тууралуу талап кайра каралып чыгууга тийиш, анткени ал БШКга партиялардын шайлоо өнөктүгү үстүнөн ашыкча көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн берет. Саясий жарнактардын мазмуну боюнча эрежелерди бузгандыгы үчүн натыйжалуураак чараларды киргизүүнү да ойлонуп чыгуу туура болот, анткени шайлоо өнөктүгүн майда бузуу үчүн каттоодон чыгарылуу бул диспропорционалдуу чара.

22. Мамлекеттик жана жеке менчик эфирдик ЖМКлар талапкерлердин өнөктүк иш аракеттерин жаңылыктарда жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрдө бейтарап жана тең салмактуу чагылдыруу боюнча көбүрөөк аракеттерди көрүүсү абзел. Мындай маалыматты жаңылыктардан жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрдөн алуу шайлоочуларга маалыматка негизделген чечим кабыл алууга жардам берет.

**Улуттук азчылыктардын катышуусу**

23. Улуттук азчылыктар топтолуп жашаган аймактарда шайлоого байланышкан маалыматты азчылыктардын тилдеринде даярдоо жана таратууга көңүл бурулушу сунушталат. Мындай аймактарда шайлоо комиссияларына улуттук азчылыктардын өкүлдөрүнүн жетиштүү катышууусун камсыз кылуучу чараларды көрүүнү ойлонуу да туура болмок.

**Арыздар жана даттануулар**

24. Мыйзамдарга, алар добуш берүүчүлөрдү каттоого байланыштуу маселелердин өз мезгилинде жана натыйжалуу каралышына кепилдик бериле тургандай кылып, аларды кароонун кыскартылган мөөнөттөрүн, компетенциялардын жана процедуралардын такталышын кошуп, түзөтүүлөрдү киргизүү зарыл.

25. Шайлоо комиссияларына келип түшкөн арыздар натыйжалуу коргоо укугун камсыз кылган ачык-айкын процедураларды колдонуу менен каралуусу жана чечилүүсү абзел. Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү жана судьялар үчүн арыздар менен иштөө боюнча жетиштүү окутууларды өткөрүүнү камсыз кылуу үчүн аракеттер улунтылышы зарыл.

**Шайлоо күнү**

26. Шайлоо комиссиялары добуш берүүнүн купуялуулугун сактого багытталган атайын чараларды көрүүлөрү зарыл. Мындай чараларга шайлоо комиссияларынын кызматкерлери тарабынан шайлоочуларга добуш берүүнүн купуялуулугун сактого боюнча укуктары жана милдеттери жөнүндө маалымат берүү, шайлоочуларга атайын бюллетендер үчүн конверттерди берүү, байкоочуларга жана УШК мүчөлөрүнө бюллетендерди салуу учурунда шайлоочуларга абдан жакын турууга тыюу салуу кириши мүмкүн.

27. Шайлоо комиссиялары добуштарды эсептөөнүн көрсөтүлгөн процедураларынын баарын сактап, салыштыруу процедуралары учурунда байкалган процедуралык каталарды жана мүчүлүштүктөрдү четтетүүлөрү зарыл.

28. Шайлоонун бардык процедуралары боюнча толук көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууга жана окутууларды өткөрүүгө көңүл бөлүү зарыл. Мындай көрсөтмөлөр жана окутуулар техникалык жабдуулар менен иштөө жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн шайлоо участкаларын ачууда, добуш берүү учурунда, добуштарды эсептөөдө жана жыйынтыктарды протоколго киргизүү учурунда аткаруучу милдеттери боюнча болушу максатка ылайык.

29. Ачык-айкындуулукту мындан ары артыруу үчүн БШК өзүнүн расмий сайтында добуш берүүнүн алдын ала жана расмий жыйынтыктары тууралуу отчетту толук жана шайлоо участкалары боюнча бөлүп жарыяласа болмок.

# XVII. I ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООНУН СОҢКУ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

| **БШКдан шайлоо жыйынтыгы боюнча** | **Жалпы саны** |
|---|---|
| Шайлоо участокторунда катталган шайлоочулардын саны | 2 761 297 |
| Шайлоо участокторунда бюллетень алган шайлоочулардын саны | 1 615 108 |
| Мобилдик урна аркылуу добуш берүү үчүн бюллетендерди (жарактуу деп табылган урналарга салынган) алган шайлоочулардын саны | 14 949 |
| Мобилдик урна аркылуу добуш берүү үчүн бюллетендерди (жараксыз деп табылган урналарга салынган) алган шайлоочулардын саны | 68 |
| Бюллетень алган шайлоочуларлын саны | 1 630 125 |
| Шайлоого катышкан шайлоочуларлын саны | 1 630 125 |
| Туура толтурулган бюллетендердин саны | 1 593 845 |
| Туура эмес толтурулган бюллетендердин саны | 32 342 |
| Кабыл алынбаган мобилдүү урналарга салынып, жарактуу жараксыз табылган бюллетендердин саны | 68 |

| **Партия** | **Добуштардын саны** | **Жарактуу деп табылган добуштардын пайызы** | **Орундардын саны** |
|---|---|---|---|
| СДПК | 435 968 | 27.35% | 38 |
| Республика - Ата Журт | 320 115 | 20.08% | 28 |
| Кыргызстан | 206 094 | 12.93% | 18 |
| Өнүгүү - Прогресс | 148 279 | 9.30% | 13 |
| Бир Бол | 135 875 | 8.52% | 12 |
| Ата Мекен | 123 055 | 7.72% | 11 |
| Бүтүн Кыргызстан - Эмгек | 97 869 | 6.14% | |
| Замандаш | 43 405 | 2.72% | |
| Улуу Кыргызстан | 23 899 | 1.50% | |
| Ар - Намыс | 12 807 | 0.80% | |
| Мекен Ынтымагы | 12 679 | 0.80% | |
| Кыргызстан элдеринин Конгресси | 9 619 | 0.60% | |
| Аалам | 6 398 | 0.40% | |
| Азаттык | 5 355 | 0.34% | |
| Баарына каршы | 12 428 | 0.78% | |

[Булак: БШК веб-сайты, www.shailoo.gov.kg]

# XVIII. II ТИРКЕМЕ: ЭЛ АРАЛЫК ШАЙЛООНУ БАЙКОО МИССИЯСЫНА КИРГЕН БАЙКООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

## ЕККУ Парламенттик Ассамблеясынан

| | | |
|---|---|---|
| Ignacio Sanchez Amor | атайын координатор | Испания |
| Ivana Dobešová | делегациянын башчысы | Чехия |
| Roman haider | ПМ (парламент мүчөсү) | Австрия |
| Romana Jerković | ПМ | Хорватия |
| Branko Vukšić | ПМ | Хорватия |
| Zuzka Bebarová-Rujbrová | ПМ | Чехия |
| Petr Gawlas | ПМ | Чехия |
| Jan Horník | ПМ | Чехия |
| Jaanus Marrandi | ПМ | Эстония |
| Mati Raidma | ПМ | Эстония |
| Michel Voisin | ПМ | Франция |
| Egon Jüttner | ПМ | Германия |
| Thomas Stritzl | ПМ | Германия |
| Zsolt Csenger-Zalan | ПМ | Венгрия |
| Andrejs Klemantjevs | ПМ | Латвия |
| Edwards Smiltens | ПМ | Латвия |
| Andrzej Jaworski | ПМ | Польша |
| Jan Rulewski | ПМ | Польша |
| Ilya Kostunov | ПМ | Орусия |
| Isabel Pozuelo | ПМ | Испания |
| Margareta Elisabeth Cederfelt | ПМ | Швеция |
| Cahit Bağcı | ПМ | Түркия |
| John Woodcock | ПМ | Улуу Британия |
| Milovan Petković | Делегациянын кызматчысы | Хорватия |
| Silvia Demir | Делегациянын кызматчысы | Чехия |
| Anne-Cecile Blauwblomme-Delcroix | Делегациянын кызматчысы | Франция |
| Aleš Jakubec | Делегациянын кызматчысы | Чехия |
| Andreas Baker | ЕККУ ПА катчылыгынан | Дания |
| Maria Chepurina | ЕККУ ПА катчылыгынан | Орусия |
| Iryna Sabashuk | ЕККУ ПА катчылыгынан | Украина |

## Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынан

| | | |
|---|---|---|
| Meritxell Mateu Pi | Делегациянын башчысы | Андорра |
| Gisela Wurm | ПМ | Австрия |
| Stefan Vercamer | ПМ | Бельгия |
| Andres Herkel | ПМ | Эстония |
| Josette Durrieu | ПМ | Франция |
| Chiora Taktakishvili | ПМ | Грузия |
| Attila Tilki | ПМ | Венгрия |
| Deborah Bergamini | ПМ | Италия |
| Nellija Kleinberga | ПМ | Латвия |
| Inese Lībiņa-Egnere | ПМ | Латвия |
| Ingebjørg Godskesen | ПМ | Норвегия |
| André Bugnon | ПМ | Швейцария |
| Lord Richard Balfe | ПМ | Улуу Британия |
| Sonja Langenhaeck | Делегациянын кызматчысы | Бельгия |
| Nicolae Esanu | Венеция Комиссиясы | Молдова |
| Chemovan Chahbazian | ЕКПА катчылыгынан | Армения |

| | | |
|---|---|---|
| Daniele Gastl | ЕКПА катчылыгынан | Франция |
| Gaël Martin-Micallef | ЕКПА катчылыгынан | Франция |

**Европа Парламенти**

| | | |
|---|---|---|
| Ryszard Czrnecki | Делегациянын башчысы | Польша |
| Joachim Zeller | ЕП мүчөсү | Германия |
| Ingazio Corrao | ЕП мүчөсү | Италия |
| Tatjana Ždanoka | ЕП мүчөсү | Латвия |
| Marietje Schaake | ЕП мүчөсү | Нидерланды |
| Juan Fernando Lopez Aguilar | ЕП мүчөсү | Испания |
| Georges Kottos | Саясий топтордон | Франция |
| Magdalena Majerczyk | Саясий топтордон | Ирландия |
| Michayl Christov | ЕП катчылыгынан | Болгария |
| Pilar Gonzalez Murillo | ЕП катчылыгынан | Испания |
| Tim Boden | ЕП катчылыгынан | Улуу Британия |

**ЕККУ/ДИАУБ ШБМдын кыска-мөөнөттүү байкоочулары**

| | |
|---|---|
| Lusine Hakaboyna | Армения |
| Vaness Graf | Австрия |
| Katja Haslwanter | Австрия |
| Eduard Pesendorfer | Австрия |
| Aleksandr Levanovich | Беларусь |
| Viachaslau Yarashevich | Беларусь |
| Marie Nathalie De Hemricourt De Grunne | Бельгия |
| Tim Anton Paul Ghislain Gemers | Бельгия |
| Yannick Ghelen | Бельгия |
| Bert Karel Schoofs | Бельгия |
| Fredericka Gregory | Канада |
| Viktoriya Thomson | Канада |
| Radek Cervinka | Чехия |
| Adam Gazda | Чехия |
| Barbora Jungova | Чехия |
| Oldrich Lacina | Чехия |
| Alena Obrusnikova | Чехия |
| Robert Zeman | Чехия |
| Marielise Berg-Sonne | Дания |
| Victor Christian Hjort | Дания |
| Erik Nielsen | Дания |
| Peter Ravn | Дания |
| Mette Selchau | Дания |
| Mette Selchau | Дания |
| Grete Skov | Дания |
| Claus Stougaard-Andresen | Дания |
| Jens Holger Vang | Дания |
| Julika Luts | Эстония |
| Bo Mårten Eriksson | Финляндия |
| Anna-Kaisa Kotaviita | Финляндия |
| Rauli Samuli Lepisto | Финляндия |
| Elin Amanda Sundell | Финляндия |
| Uwe Ahrens | Германия |
| Walter Helmut Aschmoneit | Германия |
| Friedhelm Baltes-Meyer Zu Natrup | Германия |

| | |
|---|---|
| Fritz Birnstiel | Германия |
| Rolf Walter Boehnke | Германия |
| Jana Buergers | Германия |
| Regina Cordes Larson | Германия |
| Ulrike Elisabeth Daessler | Германия |
| Daiana Serafina Falloni | Германия |
| Jochen August Max Frede | Германия |
| Dorothea Gädeke | Германия |
| Katrin-Maria Jullien | Германия |
| Rainer Werner Kleffel | Германия |
| Jochen Ferdinand Kortlaender | Германия |
| Maren Krimmer | Германия |
| Janosch Neil Kullenberg | Германия |
| Andreas Hans Kunert | Германия |
| Eva-Maria Lauckner | Германия |
| Wolfgang Lichter | Германия |
| Dorothea Luke | Германия |
| Konrad Menny | Германия |
| Herbert Meyer-Bade | Германия |
| Wolfgang Milzow | Германия |
| Dirk Daniel Neumeister | Германия |
| Thomas Klaus Oye | Германия |
| Detlev Andreas Palluch | Германия |
| Renate Angelika Pasch | Германия |
| Katinka Patscher-Hellbeck | Германия |
| Oliver Scheel | Германия |
| Eckhard Jochen Strittmatter | Германия |
| Peter Horst Vogl | Германия |
| Gisbert Karl Von Haugwitz | Германия |
| Klaus Weidmann | Германия |
| Robert Werner | Германия |
| Martin Wolff | Германия |
| Györgyi Bezdán | Венгрия |
| Micheal Martin Coyne | Ирландия |
| John Lynch | Ирландия |
| Almha Caitriona O'keeffe | Ирландия |
| Fumiaki Inagaki | Жапония |
| Terue Okada | Жапония |
| Kotomi Tada | Жапония |
| Akio Yagihashi | Жапония |
| Katsuyuki Deguchi | Жапония |
| Akhmet Baltabayev | Казакстан |
| Dinara Shakhmetova | Казакстан |
| Catherine Barbe Giorgetti | Люксембург |
| Jean Marie Ernest Joseph Klein | Люксембург |
| Elberel Davaa | Монголия |
| Guyenbaatar Terbish | Монголия |
| Maria Johanna Bergervoet | Нидерланды |
| Jonne Jacob Catshoek | Нидерланды |
| Phillip Jol | Нидерланды |
| Cornelis Jan Kooijmans | Нидерланды |
| Leontine Henriette Loeber | Нидерланды |
| Maria Nijenhuis | Нидерланды |
| Darko Pavlovic | Нидерланды |

| | |
|---|---|
| Sara Marie Van Halsema | Нидерланды |
| Liesbeth Jeanne Van Soest | Нидерланды |
| Knut Johan Ditlev-Simonsen | Норвегия |
| Erlend Harildstad Hvoslef | Норвегия |
| Kjersti Sjaatil | Норвегия |
| Krasimira Thingnes | Норвегия |
| Radzislawa Urszula Gortat | Польша |
| Aleksandra Jarosiewicz | Польша |
| Justyna Kucuk | Польша |
| Ayrat Abdullin | Орусия |
| Aleksandr Afanasov | Орусия |
| Andrey Alekseev | Орусия |
| Stepan Anikeev | Орусия |
| Pavel Artamonov | Орусия |
| Sergei Azarov | Орусия |
| Vladimir Bakhtin | Орусия |
| Igor Bogdanov | Орусия |
| Dmitrii Bogdanov | Орусия |
| Andrey Bondarev | Орусия |
| Igor Chamov | Орусия |
| Polina Chepinitskaia | Орусия |
| Daniil Devyatkin | Орусия |
| Boris Diakonov | Орусия |
| Alexey Dorovskikh | Орусия |
| Tatiana Dovgalenko | Орусия |
| Olga Efimova | Орусия |
| Ksenia Gavryushina | Орусия |
| Dmitry Groshev | Орусия |
| Igor Inyushkin | Орусия |
| Ivan Khoroshev | Орусия |
| Mikhail Kormachev | Орусия |
| Yulia Korotun | Орусия |
| Kim Koshev | Орусия |
| Aleksander Kosmodemiyanskiy | Орусия |
| Vladislav Kurbatskiy | Орусия |
| Svetlana Levina | Орусия |
| Evgeny Loginov | Орусия |
| Evgeny Mikhaylov | Орусия |
| Alexey Mosin | Орусия |
| Evgeniia Nasledskova | Орусия |
| Alexey Novoselov | Орусия |
| Vsevolod Perevozchikov | Орусия |
| Stanislav Pritchin | Орусия |
| Roman Saiko | Орусия |
| Alexander Sandrikov | Орусия |
| Igor Savin | Орусия |
| Olga Sedova | Орусия |
| Igor Shaktar-Ool | Орусия |
| Alexander Shamshurin | Орусия |
| Anatoly Tabolkin | Орусия |
| Lev Tarskikh | Орусия |
| Evhenii Terekhin | Орусия |
| Svyatoslav Terentyev | Орусия |
| Evgeny Tereshchenko | Орусия |

| | |
|---|---|
| Kudina Tuaeva | Орусия |
| Feodosiy Vladyshevskiy | Орусия |
| Petr Volokovykh | Орусия |
| Iulia Vorobeva | Орусия |
| Petr Yakhmenev | Орусия |
| Lubica Bindova | Словакия |
| Irene Bernal Carcelen | Испания |
| María Nieves De La Hera Crespo | Испания |
| Tatiana Drosdov | Испания |
| Isabel Menchon Lopez | Испания |
| Mikel Ochoa Diego | Испания |
| Knut Bergknut | Швеция |
| Siv Caesar | Швеция |
| Mats Ekholm | Швеция |
| Lennart Glans | Швеция |
| Mattias Goldmann | Швеция |
| Tommy Karlsson | Швеция |
| Kristina Snoder | Швеция |
| Martin Vogel | Швеция |
| Sofia Zitouni | Швеция |
| Fabrizio Mario Comandini | Швейцария |
| Barbara Silva Egger Maldonado | Швейцария |
| Levent Basturk | Түркия |
| Kemal Kaygisiz | Түркия |
| Fiona Diana Anderson | Улуу Британия |
| Sherrida Carnson | Улуу Британия |
| Philip Cattle | Улуу Британия |
| Helen Duncan | Улуу Британия |
| Matthew Frear | Улуу Британия |
| Sarah Lain | Улуу Британия |
| Alan Lloyd | Улуу Британия |
| Linda Maclachlan | Улуу Британия |
| David Mccardle | Улуу Британия |
| Stephen Mcnamara | Улуу Британия |
| Mark Pascoe | Улуу Британия |
| Charles Shoebridge | Улуу Британия |
| Judith Strachan | Улуу Британия |
| Maureen Taylor | Улуу Британия |
| Julia Whitehead | Улуу Британия |
| Leonilla Connors | АКШ |
| Scott Michael Driskel | АКШ |
| Elizabeth Schnorf Elmore | АКШ |
| Madiha Farhan | АКШ |
| Eric William Fey | АКШ |
| Kay Marie Fleischer | АКШ |
| Michelle Ann Gavin | АКШ |
| Stephen Joseph Hagerich | АКШ |
| James Montgomery Heilman | АКШ |
| Robert John Hellewell | АКШ |
| Elizabeth Leigh Howard | АКШ |
| Alka Rohini Kothari | АКШ |
| Lawrence Burton Lesser | АКШ |
| John William Lindback | АКШ |
| Marie-Celeste Marcoux | АКШ |

| | | |
|---|---|---|
| Aubrey Францияs Menard | | АКШ |
| Alexander Stephens Nicholas | | АКШ |
| Matthew Lange Olmsted | | АКШ |
| Octavius Nairobi Pinkard | | АКШ |
| Irene Kerekes Ratner | | АКШ |
| Russell Wyatt Raymond | | АКШ |
| Timothy James Scott | | АКШ |
| Haris Sofradzija | | АКШ |
| Mary Ann Stegmaier | | АКШ |
| Margaret Jill Van Buren | | АКШ |
| Peter Arthur Van Haren | | АКШ |
| Elia Varela Serra | | АКШ |
| Douglas Bruce Wake | | АКШ |
| Susan Anne Ward | | АКШ |
| Kutina Lashon Williams | | АКШ |

**Узак-мөөнөттүү байкоочулар**
**ЕККУ/ДИАУБ ШБМдын негизги курамы**

| | | |
|---|---|---|
| Boris Frlec | Миссиянын Башчысы | Словения |
| Enira Bronitskaya | | Беларусь |
| Vasil Vashchanka | | Беларусь |
| Goran Petrov | | Македония |
| Stefan Krause | | Германия |
| Tomasz Janczy | | Польша |
| Przemysław Piotr Laskowski | | Польша |
| Robert Lech | | Польша |
| Svetlana Chetaikina | | Орусия |
| Andrei Khanzhin | | Орусия |
| Jelena Stefanović | | Сербия |
| Ranko Vukčević | | Сербия |
| Anders Eriksson | | Швеция |
| Egor Tilpunov | | Украина |
| Andrew Jonathan Mellon | | Улуу Британия |
| Christine Chung | | АКШ |
| Noah Lane | | АКШ |

**ЕККУ/ДИАУБ ШБМдын узак-мөөнөтүү байкоочулары**

| | |
|---|---|
| Rashad Shirinov | Азербайжан |
| Petr Netuka | Чехия |
| Jette Albech Egelund | Дания |
| Peder Beyerholm Larsen | Дания |
| Katja-Helena Grekula | Финляндия |
| Heikki Markus Vihemaeki | Финляндия |
| Axelle Beatrice Mollet | Франция |
| Christoph Hubert Freiherr von Feilitzsch | Германия |
| Helmuth Willi Lages | Германия |
| Cornelis Ros | Нидерланды |
| Agatha Maria de Wit | Нидерланды |
| Turid Smith Polfus | Норвегия |
| Oeyvind Hvenekilde Seim | Норвегия |
| Ivan Ippolitov | Орусия |
| Ilia Uvarov | Орусия |
| Cornelia Maria Steiner | Швейцария |

| | |
|---|---|
| Alexander Newton Anderson | Улуу Британия |
| Julian Nundy | Улуу Британия |
| Mark Burnidge Waller | Улуу Британия |
| Susanne Cooper | АКШ |
| Lester Daniel Margosian | АКШ |
| Marsha Ann Weinerman | АКШ |

# ЕККУ/ДИАУБ ЖӨНҮНДӨ

Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюро (ЕККУ/ДИАУБ) мүчө- мамлекеттерге «адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин толук урматтоону камсыздоого, мыйзам үстөмдүгүн сактоого, демократиялык принциптерди колдоого, демократиялык институттарды курууга, бекемдөөгө жана коргоого, ошондой эле бүткүл коомдун масштабында көтөрүмдүүлүктү өнүктүрүүгө» көмөк көрсөтүүчү ЕККУнун негизги институту (Хельсинки саммитинин документтери, 1992-жыл). Бул ЕККУнун адамзаттык өлчөмү болуп саналат.

Варшавада (Польша) жайгашкан ЕККУ/ДИАУБ «Эркин шайлоолор боюнча бюро» деген аталыш менен 1990-жылы Париж саммитинде негизделип, өз ишин 1991- жылдын май айында баштаган, бир жыл өткөн соң, Бюронун аталышы, анын мандаты кеңейип, адам укуктарын жана демократияны колдоону камтып калгандыгына байланыштуу, өзгөртүлгөн. Бүгүнкү күндө Бюронун курамында 150дөн ашуун адис бар.

ЕККУ/ДИАУБ **шайлоолорго байкоо жүргүзүү** жагынан Европадагы алдыңкы уюм болуп саналат. Жыл сайын бюро ЕККУ регионундагы шайлоо процесстеринин ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге, демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга, ошондой эле улуттук мыйзамдарга шайкеш келүүсүнө баа берүү үчүн миңдеген байкоочуларды жиберүүнү уюштурат жана координациялайт. Анын уникалдуу усулдары шайлоо жараянынын бардык жагдайлары боюнча тереңдетилген талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Көмөк көрсөтүү боюнча долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу ЕККУ/ДИАУБ мүчө - мамлекеттерге шайлоо инфраструктурасын жакшыртууга жардамдашат.

Бюронун **демократияны колдоо** жаатындагы ишмердиги төмөнкүдөй чөйрөлөрдү камтыйт: мыйзамдын үстөмдүгү, мыйзам чыгарууну колдоо, демократиялык башкаруу, миграция жана орун которуу эркиндиги жана гендердик теңчилдик. Жыл сайын ЕККУ/ДИАУБ демократиялык структураларды өнүктүрүү боюнча бир катар максаттуу көмөктөшүү программаларын ишке ашырат.

ЕККУ/ДИАУБ, мүчө - мамлекеттерге алар ЕККУнун адамзаттык өлчөм жаатында кабыл алынган **адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин** бекемдөө жана коргоо боюнча алардын милдеттенмелерин аткарууга көмөк көрсөтөт. Буга өнөктөштөрдүн кеңири чөйрөсү менен биргеликте терроризмге каршы күрөшүү шарттарында адам укуктарын сактоо, адамдарды сатуудан жабыр тарткандарды укуктарын коргоого көмөктөшүү, адам укуктары боюнча окутуу жана даярдоо, адам укуктарын сактоого мониторинг жүргүзүү жана отчет түзүү, ошондой эле аялдардын укуктары жана алардын коопсуздугу сыяктуу тематикалык тармактарды камтыган кызматташтыкты бекемдөө, дараметти чыңдоо жана экспертизаларды жасоо боюнча боюнча иш жүргүзүү аркылуу жетишилет.

**Көтөрүмдүү мамиле жасоо жана басмырлабоону** камсыз кылуу боюнча иш-аракеттердин чегинде ЕККУ/ДИАУБ мүчө - мамлекеттерге жек көрүүнүн, расизмдин, ксенофобиянын, антисемитизмдин жана көтөрүмсүздүүлүктүн башка формаларынын негизинде жасалган кылмыштарга каршы жооп кайтаруунун натыйжалуулугун жогорулатууда колдоо көрсөтөт. Көтөрүмдүүлүктү жана басмырлабоону камсыз кылуу боюнча ЕККУ/ДИАУБдун ишмердиги төмөнкү тармактарга багытталган: мыйзам чыгаруу, тартип коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн окутууларды уюштуруу; кылмыштарга жана көтөрүмсүздүүлүктүн көрүнүштөрүнө жооп кайтарууга мониторинг, отчеттуулук жана байкоо жүргүзүү; көтөрүмдүүлүктү, урматтоону жана өз-ара түшүнүүнү жайылтуу боюнча агартуу иш- чаралары.

ЕККУ/ДИАУБ мүчө - мамлекеттерге **рома жана синти** элдери боюнча алардын саясат маселелери боюнча консультация берет. Бюро дараметти чыңдоо менен рома жана синти жамааттары менен алакаларды күчөтүүгө жардамдашып, рома жана синти өкүлдөрүнүн саясатты аныктоочу органдардын ишине катышуусуна көмөктөшөт.

ДИАУБдун бардык иш-чаралары ЕККУнун мүчө - мамлекеттери, ЕККУ институттары жанажер-жерлердеги өкүлчүлүктөрү, ошондой эле башка эл аралык уюмдар менен тыгыз координацияда жана кызматташтыкта жүргүзүлөт.

Кошумча маалыматты ДИАУБ сайтынан алууга болот (www.osce.org/odihr).